Баялы Момунов



# Чындыкка карай чыйыр...

**БАЯЛЫ МОМУНОВ**

# ЧЫНДЫККА КАРАЙ ЧЫЙЫР...

«Турар»
Бишкек – 2013

АКСЫ РАЙОНДУК
БОРБОРДУК КИТЕПКАНА
Инв. № 5269

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
М 77

**Момунов Б.**
М 77 Чындыкка карай чыйыр...: Ырлар. – Б.: Турар, 2013. – 168 б.

ISBN 978-9967-15-270-0

Акындын бул китебинде эл-жерди, табиятты, туулган жерди сүйүү, жаштык жана улгайган курактагы ой-сезимдерге канган мурдагы жана кийинки кездери жазылган ырлары чогултулган. Албетте, анда дүйнөтааным, мекенчилдик, арзуу сыяктуу түбөлүктүү темалар да камтылган. Китеп – жалпы окурмандар чөйрөсүнө арналат.

М 4702300200-13
ISBN 978-9967-15-270-0

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
© Момунов Б., 2013.

## АЛГЫ СӨЗ.
## ЫР КУРЖУНУҢ ТОЛО БЕРСИН БАКЕ!

Ыр жазуу жеңил-желпи иш эмес. Ал түйшүк. Баялы ошол түйшүктү тартып келет. Ырларынан анын мекенчилдиги, өлкөбүз үчүн күйүп-бышкандыгы көрүнүп турат. Кара ниет, ач көз, дүйнө кор, сүт кор адамдар күйгүзөт. Элибиздин эртеңи ойлондурат. Айрым ырларындагы айтайын деген ойду бир окуганда түшүнбөй да калышыңыз мүмкүм, ошондуктан кайра маани берип окусаңыз, терең ойлорго жетелейт. Акындын ырларында эмгек, сүйүү, ак ниеттик, жакшылыкка, ынтымакка, ыйманга чакыруу басымдуулук кылат. Жазбай коё албастан, эл тагдыры үчүн күйүп-бышкан ырлар, ар кандай окурманды кайдыгер калтырбайт. Колуңуздагы китеп акындын экинчи китеби. Акында өсүш ой чабыты кеңейгени ырдын элпектиги кыйла өскөнү байкалып турат. Бул китепти окуп чыккан адам кайдыгер калбайт деп ойлоймун. Баялынын ар бир ырынан айылдагы жупуну, карапайым турмуш жыттанып турат. Ырлары да өзүндөй сабырдуу, ыйманга, ынтымакка, биримдикке чакырып турат. Карапайым, айылдык жөнөкөй тил менен жазылган ырлар, айылдын адамдарына тез жетет деп ойлоймун.

Андыктан ыр саптарың байсалдуу болсун, элиңдин күчүнө күч кошуп, жашоосуна дем берген китеп болсун. Китепте кемчилдиктер жок эмес, аны окурман журту айтсын, мен начар десем кимдир бирөөнүн зар-муңун, сүйүүсүн жазып салгандыр.

Андыктан ак жол тилейм, башка оюм жок. Ыр куржунуң толо берсин Баке! Демекчимин!

Ырың бул канаттуу куш уча берсин,

Айыл элиң окуп туруп баасын берсин.

Бакем дайым бар болуп, өмүр сүрүп,

Кызыл-Жардан ырлардын гүлүн терсин.

Алып койгун китепти чындык үчүн,

Кол тамгасын өзүңө жазып берсин.

Ырдан бийик көтөргөн ак өргөңө,

Ырды сүйгөн коноктор арбын келсин.

Талыкшыбай!

Чындыкка карай чыйырды сала бергин.

Абдымомун Калбаев,

Акын





**Момунов Баялы**

1952-жылы Аксы районунун Кызыл-Жар айылында туулган. 1971-жылы Пушкин азыркы Н. И. Мешков атындагы орто мектепти аяктап, 1973-жылдын акырына чейин Советтик Армиянын катарын толуктаган. 1979-жылы айыл-чарба кесибине ээ болгон. Билими жогорку, кесиби – агроном. Бригадирдин жардамчысынан баштап башкы агрономго чейинки жолду басып өткөн. 20 жылдан ашык башкы агроном, 1999-2001-жылдары Үч-Коргон айыл округун жетектеп турган. Айылдык, райондук кеңештердин бир нече жолку депутаты болуп шайланган. Эмгектенүү менен бирге коомдук иштерге толук катышып, элдин жыргал жашоосу үчүн маани берип келген.

Үй-бүлөлүү 2 уул, 3 кыздын атасы. Эмгек жолунда айыл өкмөтүнүн, ошондой эле райондук администрациясынын, облусттык администрация башчысынын губернаторунун Ардак Грамоталары менен сыйланган. Азыркы учурда Кыргыз почтасынын Аксы филиалынын Кызыл-Жар почта бөлүмүндө жетекчи болуп иштеп келе жатат. Кыргыз почтасынын республикалык, облусттык, райондук, Ардак Грамоталарын алган, азыркы күндө почта жамаатына үзүрлүү салым кошуп иштеп келе жатат.

## ЧЫНДЫК ЖАКА ЧЫЙЫР ЖОЛДУ КИМ САЛАТ.

Мен да турам, күйүгөмүн элчилеп,
Кыңыр иштер кыйнап турат тумчулап.
Бардыгыбыз калыс болуп көрүнсөк,
Чындык жака чыйыр жолду ким салат.

Мен да турам, кыжалатмын элчилеп,
Сезгенгенден сенек болгон бүт тарап.
Көргөндөрдү көрмөксөнгө салса эл,
Чындык жака чыйыр колду ким салат.

Мен да турам, сыгыламын элчилеп,
Ачуу келет жаңы келген селчилеп.
Чыркыраган чындык турса айтпасак,
Чындык жака чыйыр жолду ким салат.

20.11.2011-жыл.



## ЧЫНДЫКА КАЙТЫП КЕЛБЕСЕ

Чындыкты чыгар элиңе,
Булуктү салба жериңе.
Эмгегин баалап жүрөлү,
Баа берип төккөн терине.

Пешене жылып тердесе,
Кыргызды элим жер десе.
Куру сөз карын тойгузбас,
Чындыка кайтып келбесе.

Мекенди медер кылбаса,
Болжогон иштер жылбаса.
Кыйшая берет акырын,
Жалгандын бели сынбаса.

Чыркырап жүрүп күн өтөт,
Чындыка кайтып келбесе.

20.01.2012-жыл.

## ЧЫН ПЕЙИЛДЕН ЧЫЙЫРГА ТҮШ ЧЫЙРАЛЫП.

Чын пейилден чыйырга түш чыйралып,
Ата-энелер чыйыр салган кыйналып.
Ал чыйырга басалбастан баарыбыз,
Калабызбы? Манкурт болуп жыйналып.

Чын пейилден чыйырга түш чыйралып,
Чыдамы жок, чыгып кетет буйдалып.
Кыргыз эли чыйыр салып келген эл,
Чыдайбызко чымырканып кыйналып.

Чын пейилден чыйырга түш чыйралып,
Баёо болбо, башка элди ээрчип кыйналып.
Тилиң турса, дилиң менен кубатта,
Бурулбагын буйга жолго буйдалып.

Чын пейилден чыйырга түш чыйралып,
Чыйыр жакта чындык турат кыйналып.
Жагып койчу жалбырттаган отторду,
Жарык болсун ошол жолуң нурданып.

Чын пейилден чыйырга түш чыйралып,
Чыдабаган чыга берсин буйдалып.
Асыл кыргыз ар намысын унутпайт,
Жүрсүн кыргыз Ала-Toocун айланып.

Кыргыз десең, башка жака бурулбай,
Чын пейилден чыйырга түш чыйралып.

18.05.2012-жыл.



## БИЛЕ ЖҮРГҮН, КАНЧА ЭКЕНИН САЛМАГЫҢ.

Биле жүргүн, канча экенин салмагың,
Салмагыңан ашык ишти албагын.
Жанталашып, жакшы ишти кылалбай,
Жалтак болуп, тиштеп жүрбө бармагың.

Биле жүргүн, канча экенин салмагың,
Бар күчүңдү эл – журтуңа арнагын.
Кызмат десе, көтөрүлүп кыр ашпа,
Салмагыңа жарашасын кармагын.

Биле жүргүн, канча экенин салмагың,
Баа берерсиң жазбасам да калганын.
Мендей берсең мелтиреген асмандай,
Өлчөп коёт эл-журт өзү салмагың.

Биле жүргүн, канча экенин салмагың,
Кадыр-сыйды өз ордуна кармагын.
Шуулдаган шылуундар токтолор,
Бул ыр саптарды ошолорго арнайын.

Баа берерсиң жазбасам да калганын,
Биле жүргүн канча экенин салмагың.

02.06.2012-жыл.

## АРБАГЫҢ СЫЙЛАЙМ АПАКЕМ.

Алтыным менин апакем,
Жашооң мынча бат экен.
Алакан жайып турчу элең,
Ойлосом мага бата экен.

Алтыным менин апакем,
Ажалың мынча бат экен.
Айланып дайым турчу элең,
Айтканың акыл, кат экен.

Алтыным менин апакем,
Алып кетчү жайың бат экен.
Томсоруп калдым оордун жок,
Кейисем эми ката экен.

Алтыным менин апакем,
Арзыган күнүң бат экен.
Бейиштен кудай жол берсин,
Арбагың сыйлайм апакем.

2.10.2011-жыл.



## ЫНТЫМАККА ЧАКЫРАЙЫН БААРЫСЫН.

Көрүп турам, бул жашоонун арымын,
Тилектери жакшы элдин баарынын.
Бай-кембагал болуп калдык бөлүнүп,
Түйшүк басты элибиздин жарымын.

Көрүп турам бул турмуштун баарысын,
Байкадыкко агы менен сарысын.
Бар нерсени жанчып, баарын талкалап,
Көрбөйсүңбү заман эми тарышын.

Көрүп турам бул мезгилдин баарысын,
Карысына жашы буруп далысын.
Чындык таппай чыркыраган кыргызды,
Чыйыр салып, алып чыгар тарыхын.

Көрүп турам көп жашоонун баарысын,
Көрбөй калдык чын сүйлөгөн карысын.
Кошоматтын колтугуна суу бүркүп,
Элибиздин бузат булар намысын.

Көрүп турам аз жашоодо баарысын,
Мындай иште кантип элим жарысын.
Иштебеген мыйзамдарды чыгарсаң,
Бир тиктебейт билип койгун анысын.

Сезип турам көкүрөктөн баарысын,
Манкурт болуп, пейилдердин тарышын.
Коогаландан узагыраак жашайлы,
Ынтымакка чакырайын баарысын.

3.11.2011 жыл.

## ҮМҮТ КЫЛЫП ТҮҢҮЛДҮ ОКШОЙТ АДАМДАР.

Үмүт кылып түңүлдү окшойт адамдар,
Алга таштап, арбыбайтко кадамдар.
Белиң сынып, очорулуп отурсаң,
Учуратко куюн менен шамалдар.

Үмүт кылып, түңүлдү окшойт адамдар,
Баш көтөрдү жактырбаган жамандар.
Ынтымактын чордонуна чыкпасак,
Чор болотко байкуш биздин тамандар.

Үмүт кылып түңүлдү окшойт адамдар,
Үшкүрүнүп кайра басат кадамдар.
Бир басканды кайра басып отурбай,
Ынтымакка ыктайлычы адамдар.

Чыркыраган чындык жолго чыйыр салып,
Кайсы Хандан жылыш болот кадамдар.

5.11.2011-жыл.



## КОМУЗ САЙРАЙТ, КЫРГЫЗ ЭЛДИН ТАРЫХЫН.

Комуз сайрайт, кыргыз элдин тарыхын,
Бирге көргөн караңгысын жарыгын.
Мукам чыккан күүлөрүнөн байкасаң,
Айтып турат кыргыз журттун баарысын.

Комуз сайрайт, кыргыз элдин тарыхын,
Бирге өткөрдү жашоо шарттын жарышын.
Үч кыл сүйлөп ачып турат кыргызды,
Түпкүрүнөн агы менен сарысын.

Комуз сайрайт, кыргыз элдин тарыхын,
Байлагансыйт жашы менен карысын.
Улам чыккан үндөрүнөн байкасаң,
Кыргыз элин батыргансыйт баарысын.

Комуз сайрайт, кыргыз элдин тарыхын,
Таң калтырат ал сүйлөсө баарысын.
Кыргыз менен бирге жашап келатат,
Кыргыз угат комузумдун добушун.

Комуз сайрайт, кыргыз элдин тарыхын,
Ээлегенсийт жүрөктөрдүн жарымын.
Кыргыз чертип кол ойнотуп турганда,
Кылым санап чыга берет арымын.

17.11.2011-жыл.

## КЫРГЫЗ ЭМИ ЖҮРСҮН СЫЙДЫ АЛЫП.

Үмүт өчпөйт дайым албырып,
Кыргыз каны менде бар туруп.
Дагы кыргыз канча кыйналат,
Коргошундай ээрийм жанчылып.

Үмүт өчпөйт дайым албырып,
Сүрөгүм бар, сүйрөп камчы уруп.
Түнүлгөндөй түйшүк басканда,
Калгансыймын баспай талпынып.

Үмүт өчпөйт дайым албырып,
Кетенчиктейм артка кайрылып.
Ханыбызга ыйман берсе эгер,
Кыргыз жылат алга жаңырып.

Үмүт өчпөйт дайым албырып,
Жаман жагын көрүп кайгырып.
Жалтак болуп калдым көрүнөт,
Жакшы жагын тилеп кайрылып.

Үмүт өчпөйт дайым албырып,
Өткөн күндү артка калтырып.
Ынтымактын ыры ырдалып,
Кыргыз эми жүрсүн сыйды арттырып.

1.12.2011-жыл.



## МИҢ ЖЫЛДАРГА САКТАЙЛЫ.

Кыргыздардын кымбат турат таштары,
Алтындары аска тиреп жатпайбы.
Бирок оңолушун тилей берип кыргыздын,
Бубак басып, чач агара баштады.

Куму толо, сай да көңүл толтурат,
Күмүшкө окшоп көз уялтат жылтырап.
Цемент кошуп, сегиз кабат үй курса,
Серпилүүдөн сезгенбестен калтырап.

Кең-байлыктан калдык окшойт куржалак,
Көмүрлөрдү көрдүк эле мурдарак.
Кырк вагонду сүйрөгөндө паровоз,
Күчүркөнүп, күүгө окшотуп үн салат.

Күмүш менен алтындарды кастырып,
Кыргыздарга колду коюп бастырып.
Бизге тийчү ырыскыны тебелеп,
Инвесторлор жулуп жатат шаштырып.

Майда барат кенибизди айтпайлы,
Көмүскөдө алтын жагын сатпайлы.
Эгер кыргыз көралбаса пайдасын,
Түн уйкуда жыргап уктап жатпайлы.

Чачыратып чача бербей байлыкты,
Миң күн эмес, миң жылдарга сактайлы.

10.12.2011-жыл.

## ТАШ ЖААГАН ЖОКПУ СЕН ЖАКА.

Күнгөйгө салган жол жака,

КууГумдөп келчи ал жака.

Күйүгүп күтүп мен турам,

Күн жааган жокпу сен жака.

Шаркырап аккан суу жака,

Шашылып келчи ал жака.

Секиндеп булут өттү эле,

Сел келген жокпу сен жака.

Жээкте турган жол жака,

Келгиң барбы өзү мен жака.

Таарынып калып мен турам,

Таш жааган жокпу сен жака.

12.12.2011-жыл.



## АЙЛАНСАҢ АЗДЫР АКСЫДАН.

Айлансаң аздыр Аксыдан,
Кем кылган эмес жакшыдан.
Жеңижок, Ниязалылар,
Жерим деп какшап таңшыган.

Айлансаң аздыр Аксыдан,
Аталар бизге таштаган.
Арзыган аяр душманга,
Колтугун керип ачпаган.

Айлансаң аздыр Аксыдан,
Арзууңду жазсаң катпаган.
Алымкан сындуу сулуулар,
Сүйүүнүн сырын сактаган.

Айлансаң аздыр Аксыдан,
Жашаган элдин бактынан.
Булбулу менен улары,
Мукамдуу сайрап жатпаган.

Айлансаң аздыр Аксыдан,
Бак берген сага баштатан.
Карагай, арча токоюн,
Эл бапестеп багып таштаган.

Айлансаң аздыр Аксыдан,
Корукту колдой баштаган.
Кулжасы менен элиги,
Коктуга жуушай баштаган.

Мекендейт мөңгү карларың,
Эрисе толот сайларың.
Кошпосо суунун салымын,
ГЭСтер да бербейт жарыгын.

Айлансаң аздыр Аксыдан,
Алптарын айтсам жакшыдан.
Темиркул, Жунай, Төлөгөн,
Аксыдан жазып баштаган.

Салибай менен Орозбай,
Оргуштап жазып ырларын.
Алдыга чыга баштаган,
О дүйнө кетип арманда,
Элине белек таштаган.

Айлансаң аздыр Аксыдан,
Токтосун ырдан качпаган.
Торгойдой болуп тил безеп,
Тоодой чоң белек таштаган.

Айлансаң аздыр Аксыдан,
Куру эмес учу жакшыдан.
Ташбай менен Ысагың,
Топ жарган жака баштаган.

Падыша-Ата менен Баба-Ата,
Ээлеген жердин соорусун.
Аңкыган жыттуу чөптөрдөн,
Дарылап адам оорусун.

Айтылуу айкөл эли бар,
Көтөргөн жүктүн баарысын.
Чындыкты издеп чыркырап,
Табалбай жүрөт дарысын.



Сулуулук жактан суйкайган,
Өтө албайт биздин Аксыдан.
Көч улай берсе жаштарым,
Кур койбойт кудай жакшыдан.

Падыша турсун качпаган,
Аксы эли дайым мактаган.
Тынчтыкты тилеп элине,
Ынтымак жагын сактаган.

Абдымомун инимин,
Алдыга басты арымы.
Катарлап жазып болушту,
Аксынын ачты тарыхын.

Жазгандан азыр сен чыктың,
Аксынын өчүрбөй турчу жарыгын.
Көрөңгүм ушул болду окшойт,
Жазалбай калдым жарымын.

Өмүргө өмүр кошконсуйт,
Тизмелей берсем баарысын.
Көбүрүп калса көрөңгүм,
Жазармын мүмкүн жарымын.

Айлансаң аздыр Аксыдан,
Кем болгон эмес жакшыдан.
Алтыны менен көмүрү,
Жайнайтко түндүк жагынан.

Коконду кошо бийлеген,
Туу кылып дайым сүйлөгөн.
Оргуштап чыккан жакшылар,
Таланты элди түрлөгөн.

АКСЫ РАЙОНДУК
БОРБОРДУК КИТЕПКАНА
№ 52606

Жазганда аты чыккандын,
Ачылса деймин багынын.
Жаштыгым өтүп кетсе да,
Аксынын бутагы болом шагынан.

13.12.2011 жыл.

## САРЖАЙЫК.

Суу күтүп чарчап Саржайык,
Санасы бүтпөйт чаржайыт.
Суу келбей өттү жыйырма жыл,
Тосконсуйт кимдир тор жайып.

Салмагы бийик Саржайык,
Кайгыда турат картайып.
Суу келсе мүмкүн жашарар,
Ачылып гүлү кашкайып.

Айтканга арзыйт Саржайык,
Үмүтүң үзбө сумсайып.
Секиндеп жылыш болгонсуйт,
Суу агып келер кырды ашып.

Суу келсе жайнап гүл болор,
Арзууң бүтүп бак конор.
Гүл жыттап жүрүп аралап,
Жаштарың конуп эл толор.

Суу келсе жайык жер болор,
Катарлап келип эл конор.
Кадырың артып ошондо,
Булуттар менен тең болор.

25.12.2011 жыл.



## СЕЗБЕЙ ЖҮРГӨН СЕЗИМДЕРГЕ ТААРЫНАМ.

Келе жаттың мен алыстан таанығам,
Өтүп кеттиң өзгөрүлүп жанымдан.
Келишпеген кебетеңден байкадым,
Сен деп жүргөн сезимдерге таарынам.

Өтүп кетти убакыттар барынан,
Өзгөчө деп өзүм барып кабылгам.
Кеткениңе анча капа эмесмин,
Кутуламын түйшүгүңөн табынан.

Жоолугуңдун салыныпсың сарысын,
Бешенеңде кар жаагандай бырышың.
Сүйөм деген сыйка сөздү кайталап,
Жигит жандап, жүгүргөнүң курусун.

Сен деп жүрүп убакытты кетирген,
Сезбей жүргөн сезимдерге таарынам.

26.12.2011 жыл.

## ЖОК БОЛСО ДА, БАРДАЙ ЖАШАП ӨТӨЙҮН.

Тагдырымды кудай билет эсебин,
Тооба кылып, толук аны сеземин.
Аманатпыз бул дүйнөгө бир келген,
Эстен чыкпайт бүгүн эмес кечегим.

Өмүрүмдүн кудай билет өлчөмүн,
Өтпөйт экен, байлык толо чөнтөгүң.
Көкүрөктү, көөдөнүңдү тазалап,
Көргө кирбей ыйман жакты оңдогун.

Кудай билет пендечилик экенин,
Көрүп турат көлдөй ката кетерин.
Эстеп жүрөм, эч эсимден чыгарбайм,
Жерге барып, о дүйнөгө жетерим.

Жашоомдун кудай билет эсебин,
Шүгүрчүлүк бүгүн жашап жатамын.
Ким да болсо устун болбойт дүйнөгө,
Ыйманымды бүтүн сактап өтөйүн.

Өмүрүмдүн кудай билет эсебин,
Жашоо үчүн жаман-жакшы дешимин.
Кудайымдын сыноосуна баш ийип,
Жок болсо да, бардай жашап өтөйүн.

01.01.2012 жыл.



## АЧЫЛГАНЫ БАГЫНДЫН.

**Чет жакта жүргөн мекендештерге.**

Орустарга барып жүрүп жагындың,
Оор жумуштун очогуна кабылдың.
Ден соолугуң сактап жүрсөң абайлап,
Алга жүрүп, ачылганы багындын.

Түз жолго эмес, буйга жолго басканың,
Бир бөлмөдө жыйырма киши жатканың.
Садагалар мээнетинди билебиз,
Буйруса экен ошол жактан тапканың.

Жашоо үчүн көр турмушка багындың,
Элиң турсун, турпагыңды сагындың.
Эл жериңдин эшигине келгенде,
Аппак болуп ачылганы багындың.

03.01.2012 жыл.

## КЫРГЫЗДАР КЫЯ ЖОЛДО АДАШЫПТЫР.

Мекенди мээрим менен катуу сүйүп,
Сүрдүгүп кетет окшойм күйүп жүрүп.
Жазайынчы бугумду чыгарайын,
Жай алып, жаталбадым жанып күйүп.

Эгемен алдык деп сүйүндүк биз,
Менчиктин мекенине түшүптүрбүз.
Кол жеткен колтугуна кыса берип,
Жакшы жолду бекитип кызыптырбыз.

Демократия дегендин аты улуктур,
Иши жок, куйтунган сөз туруптур.
Жыйырма жылда жыйынтык болбоду го,
Кыргыздар кыя жолдо адашыптыр.

05.01.2012 жыл.

## ЧАЙ КУЮП БЕРИП АЛЫП ЖҮР.

Гүл болчуӊ жайнап ачылган,
Жыттасам кумар басылган.
Өмүрлүк жарым болот деп,
Жактырып жүргөм жашымдан.

Тилекти берип, баш коштук,
Өмүрдө бирдей окшоштук.
Чоңойтуп уул-кыздарды,
Жаш курак менен коштоштук.

Карылык келди акырын,
Ойлосом ойдо баатырмын.
Сермеде өттү өмүрлөр,
Сезбепмин минтип өтөрүн.

Жаш кезди дайым эстеп жүр,
Өмүрдү берсе доорун сүр.
Ууртундан күлкү куюлуп,
Колуңдан түшпөй кызыл гүл.

Чарчаган кезде чалым деп,
Мени чай куюп берип алып жүр.

10.01.2012 жыл.



## АДАМДА ӨЧҮ БАРГА ОКШОП.

Өмүрлөр өттү сууга окшоп,
Тумандап чыккан бууга окшоп.
Кылчактап артты карасам,
Баскан жол татаал жарга окшоп.

Өмүрлөр өттү шарга окшоп,
Бурганак жааган карга окшоп.
Кубанып калам жылмайып,
Алдыда жыргал барга окшоп.

Көңүлдөр назик кылга окшоп,
Катылган бекем сырга окшоп.
Арчадай өмүр бербептир,
Бир кылым бүткөн жылга окшоп.

Ойлоном дайым барга окшоп,
Сүйөгөн мени жарга окшоп.
Көбүрөк өмүр берсе деп,
Кудайдан тилейм элге окшоп.

Нарк-нускам турат тоого окшоп,
Жалтырак аска-зоого окшоп.
Ажал да турат акмалап,
Адамда өчү барга окшоп.

12.01.2012 жыл.

## КЫРГЫЗДЫН КЫЗГАЛДАКТАРЫ

Каныкей чыккан гүл болуп,
Башына бакыт бир конуп.
Баатырдын жүгүн көтөрүп,
Жанында дайым бир болуп.

Айчүрөк кызыл гүлгө окшоп,
Үмүтүн улап, сыр козгоп.
Аялдын сактап намысын,
Айтылып жүрдү ал коштоп.

Жаңылмырза жаш болгон,
Түйшүгү батпай жык толгон.
Эл үчүн берип өмүрүн,
Эзилген жылдар көп болгон.

Кыз Сайкал чыгып элинен,
Алдыга карап теминген.
Акылы менен эл багып,
Меңгүдөй аппак көрүнгөн.

Сүйүүнү барктап Кишимжан,
Сүйүүсүн издеп күтүнгөн.
Олжобай таппай бактысын,
Ал сулуу кечкен өмүрдөн.

Эл башкарып Курманжан,
Эл үчүн тике турган жан.
Тынчтыкты сактап элине,
Ынтымак-ырыс курган жан.



Кыргызга кыйын күн түшүп,
Кыздары иштеп жүгүргөн.
Басмачы басып таласа,
Жашоодон эл-журт түңүлгөн.

Уркуя чыгып элинен,
Душманды басып белинен.
Кыргызды сактап дайыма,
Кыз батыр болуп көрүнгөн.

Кызылча эгип Зууракан,
Чыйралып чыйыр кураган.
Эмгектин баркын көтөрүп,
Айтылган сөзгө тура алган.

Тоодой шекер үйүлтүп,
Керимбү иштеп тер төккөн.
Кыргыздын жүгүн көтөрүп,
Кыргыз деп жүрүп бул да өткөн.

Даңкы чыгып таалайга,
Даркүл чыккан кыргыздан.
Эмгегин айтып отурсак,
Кем эмес эле жылдыздан.

Көйкөлүп көөнү төгүлүп,
Кыздардан ашып бөлүнүп.
Аткарып жатса ролду,
Акбермет болуп көрүнүп.

Көлдө учкан дайым каз болор,
Бакендей кыздар аз болор.
Үлгүсүн алсаң булардын,
Башыңа бакыт бат конор.

Таймашта дайым талашып,
Эскирбес ишти жаратып.
Сулуулук жактан суйкайып,
Суктанчу аны карашып.

Таттыбү чыккан кыргыздан,
Кылганы элге жарашып.
Кыргыздын уучу куру эмес,
Жетпейбиз баарын санашып.

Өлмөскан үйгөн пахтаны,
Билинчү иштеп жатканы.
Кыргыздын даңкын көтөргөн,
Кылымга жашайт атагы.

Саадатты айтсак акмалап,
Көтөргөн кырман жапмалап.
Кыздарды санап отуруп,
Кыргыздар дайым мактанат.

Кыздардан үмүт үзбөйбүз,
Катарды бузбай түздөйбүз.
Алдыңкы көчтү уласак,
Бакыттын көчүн жүктөйбүз.

Ак ууга окшоп айланып,
Азамат чыгат бул жактан.
Кыргызды кыздар көтөрөт,
Кызматчы келбейт бир жактан.

15.01.2012-жыл.



## ЭРКИНЕ КУБАТ КОШОТУР

Каңырык түтөп ушактан,
Кыргызды алга узатпас.
Кайым айтыш калбады,
Салынат окшойт тузактар.

Алдыга жылыш узактыр,
Эркиндик, бутун тушаптыр.
Түндүк, түштүк күч алып,
Түпкүлүк жагын бузаттыр.

Ойлорум турат кол жетпей,
Турмушта туюк тозоттур.
Ишенип жүрсөм элиме,
Эрк жагы жаман бошоптур.

Ынтымак болсо эл-журтум,
Эркине кубат кошоттур.

25.01.2012-жыл.

## АЛДЫДА КОПОЛ КҮН ТУРАТ

Жыйырма жыл жашап арбытпай,
Өр тартса өйдө баргызбай.
Бийлик бул кыйын иш окшойт,
Бирикпей койдук жалгыздай.

Мезгилдер келди шаштырып,
Эл-журтка мээнет бастырып.
Көралбай кыргыз бир-бирин,
Орону чукур кастырып.

Ынтымак-ырыс качкансыйт,
Жер карап кыргыз баскансыйт.
Туюка барып камалып,
Балчыка барып батканcыйт.

Бир-бирин сыйлап карабай,
Чогулгун кыргыз тарабай.
Кейиштүү болуп жүрбөсүн,
Айыкпас апса жарадай.

Ишенсек артта ким турат,
Жандоочу болуп жулкунат.
Азуусу тийип калбасын,
Алдыда копол күн турат.

01.02.2012-жыл.



## ЖИЙДЕ ЖЫТЫ.

Жийде турат атыр жыт бөлүп,
Жаз күндөрүн санап өткөрүп.
Сүйүүшкөндөр турса түбүндө,
Сүйүнгөнүн турат бүт көрүп.

Гүлүн жыттап алдым рахат,
Ар бир адам жыттап тура алат.
Улгайганда жытын искесең,
Жаштык кезге көңүл бурулат.

Жийде жыттан чөйрө буркурап,
Гүлү жайнап, күндө кулпунат.
Жытын жыттап, жыргап отурам,
Өлбөгүдөй өмүр арттырат.

10.03.2012-жыл.

## ЖАМГЫР

Жамгыр жааса жылуу шатырап,
Жаз келгени шашыл батыраак.
Жашылдандыр, гүлдү сепкиле,
Жайнап чыксын гүлдөр патырап.

Жамгыр жааса жылуу шатырап,
Жерге сиңет, баарын батырат.
Килемге окшоп, түрдүү көйкөлүп,
Көктөм жылып өйдө ашыгат.

Жамгыр жааса жылуу шатырап,
Билекти түр, иште катыраак.
Жаз жарышы өтүп кетпесин,
Нурун төгүп, жамгыр басылат.

Жамгыр-жамгыр жаасаң шатырап,
Мал-жаныңдын багы ачылат.
Эмгек шаңы эрте башталып,
Дыйкандардын жери казылат.

Жамгыр-жамгыр жаап токтогун,
Жагат сенин жаап өткөнүң.
Аба таза, салкын тартканда,
Сезбей калам таңдын атканын.

08.03.2012-жыл.



## ЫР БОЛУП ЖҮРСҮН ЖАЗЫЛЫП.

**(Агам Акматалынын элесине)**

Топ ойноп жүрдүң машыгып,
Оруудан сыркап басылып.
Өмүргө тойбой өксүдүң,
Жаш кеттиң ага шашылып.

Оюңда сырлар басылып,
Жатканбы санаа катылып.
Максатың бүтпөй турмушта,
Жаш кеттиң ага шашылып.

Балдарың баспай жолуңа,
Ажалдын түштүң торуна.
Табийгат тандап алды окшойт,
Жарың да кетти жаныңа.

Жаткан жер сизге түбөлүк,
Сизди эстеп дайым жүрөлүк.
Артыңда калган балдарың,
Айталбайм ал жак бүдөмүк.

Кызматын кылар элине,
Ашыкпай бир аз күтөлүк.
Кызга окшош сылык мүнөзүң,
Түшүмдө тирүү жүрөсүң.
Элесиң эстеп ыр жаздым,
Бейиште болсун түнөгүң.
Жаш кеттиң ага шашылып,
Эстейбиз ыйлап басылып.
Эл-журтту эстен чыгарып,
Турпакка кирдиң жашынып.
Элесиң чыкпай эсимден,
Ыр болуп жөрсөн жазылып.

10.05.2012-жыл.

## АТТИҢ ДЕП КЕТТИМ ӨКҮНҮП.

Ай чыгат көктөн билинип,

Жер жака нуру тигилип.

Жарокер сени келет деп,

Кеталбай турам илинип.

Ай жылып кетип баратат,

Келбесең күтсөм таң атат.

Туруксуз сөзүң турбайбы,

Жүрөктүн учун канатат.

Ай нуру көктөн төгүлүп,

Булуттан чыкты көрүнүп.

Күткөндөн пайда жокко окшойт,

Аттиң деп кеттим өкүнүп.

07.04.2012-жыл.



## КӨҢҮЛҮҢ СЕНИН ӨЗҮҢДӨ.

Желге окшоп муздап сезимде,

Жазаган ишиң эсимде.

Манчыркап маани бербедиң,

Май турат сенин көзүңдө.

Жаш экем ошол мезгилде,

Жетпептир акыл сезимге.

Алаксып жүрүп буйдалып,

Аксадым мен да кезинде.

Кечирим сурап жарыман,

Жеме уктум күнөөм барынан.

Туш кылбай жүрсүн табийгат,

Кудайдан тилеп жалынам.

Көрүнбө такыр көзүмө,

Көйгөйү бардыр сөзүмдө.

Каалаган ишиң жасай бер,

Көңүлүң сенин өзүңдө.

08.04.2012-жыл.

## САГЫНЫП ИЗДЕЙМ ӨЗҮҢДҮ
**(Досум Сагынбекке)**

Сагынып издейм Сакеми,
Сагынтпай жүрчү Бакеңи.
Балдарга көңүл бөлүпсүң,
Бала элең сен да кечеги.

Достукта бирге өтөлү,
Көксөгөн ойго жетели.
Көрүнбөй калба оолактап,
Көйгөйлүү ишти бүтөлү.

Жаштыгың өттү мектепте,
Алсырап артка эч кетпе.
Кайратың турсун кычырап,
Карылык жагын эч сезбе.

Эмгегиң элге көрүнгөн,
Ырыскы бөлгөн жеринден.
Толукшуп толкуп олтурсам,
Тоо сымал сезем көңүлдөн.

Көргөндө сенин көзүңдү,
Туу кылып кармайм сөзүңдү.
Элжиреп турат жүрөгүм,
Сагынып издейм өзүңдү.

10.04.2012-жыл.



## КЫРГЫЗДЫН КЫЙБАС ТИРЕГИ.

Бишкегим кыргыз түнөгү,
Кан чуркай турган жүрөгү.
Алпештеп арзып олтурам,
Жугузбай кирди күнөөнү.

Алтын шаар болсо арзыйтко,
Азыраак көңүл буралы.
Борбор деп сага суктанып,
Атайын карап туралы.

Ынтымак-ырыс качпаган,
Ыймандуу жолго баштаган.
Жаштарың чыксын жалындап,
Сырыңды ичке катпаган.

Бишкегим кыргыз түнөгү,
Кан чуркай турган жүрөгү.
Эл журтуң сен деп жашайт ко,
Сен кыргыздын кыйбас тиреги.

Эл журтуң менен бир болчу,
Элиңдин ошол тилеги.

12.04.2012-жыл.

## ТҮГӨНБӨГӨН ТҮПТҮҮ ГЭСТИ АРКАЛАП.

Токтогул ГЭС толкуп турат мелтиреп,
Топ элдерди тообасына келтирет.
Жарыгыңы жалпы журтуң алды окшойт,
Жаркыратып жашоо шартын толтурат.

Токтогул ГЭС чакан эмес көл болдуң,
Токтогулга атак-даңкты сен бердиң.
Суу кампанын мекенине айланып,
Айтпасак да айга, күнгө тең болдуң.

Токтогул ГЭС сени көрүп ойлоном,
Бекер сени Токтогул ГЭС койбогон.
Кыргызыңдын керегине жарадың,
Кереметсиң сен элиңди ойлогон.

Токтогул ГЭС чалкып жатат жалтырап,
ГЭСти кара кемчилик тап батыраак.
Көп жыл болду, тешип өтүп кетпесин,
Текшергиле, тескегиле катыраак.

Токтогул ГЭС толуп, көңүл тойгузат,
Кыргыз сага кылымдарга кол сунат.
Сенин баркың кыргыз менен бир болсун,
Түгөнбөгөн түптүү ГЭСти аркалап.

15.04.2012-жыл.



## ДОСТУКТУН СЫРЫ БИЙИКТЕ.

Тал чыбык алсаң ийилет,
Достукта адам билинет.
Жүрөгүң таза болбосо,
Ал жагы артка сүрүлөт.

Калп эле сага күйүнөт,
Жан ооруп калса сүйүнөт.
Жактырбай айткан сөздөрү,
Табышмак болуп түйүлөт.

Чыныгы достор чырдашпайт,
Чыркырай берсе кырды ашпайт.
Көңүлү кетип калганда,
Көңүлдүү болуп сырдашпайт.

Асманда булут сүрүлөт,
Душмандык кылба сүйүп от.
Достуктун сыры бийикте,
Баамдап, баалап билип өт.

16.04.2012-жыл.

## ТУШООМ ЭМИ КЕСИЛМЕК.

Жаштыгым жылып токтоду,
Өчпөдү сүйүү оттору.
Өмүрүм канча болсо да,
Эргүүмдү элим коштоду.

Эки сөз жазсам ыр курап,
Унутчаак экен бул курак.
Турмуштун кыйын түйшүгү,
Азайбайт окшойт бул турат.

Ыр жазсам мурун сезилмек,
Сап-саптап катар тизилмек.
Турмуштун көйү азайса,
Тушоом эчак кесилмек.

Торгойдой сайрап безилдеп,
Топ жарсам анда сезилмек.
Көрөңгүм бир аз болсо да,
Тушоом эрте кесилмек.

18.04.2013-жыл.



## КӨЗДӨРҮҢ ЖАГАТ КАРАГАТ.

Көздөрүң жагат карагат,
Өмүргө өзөк жаратат.
Көзүңдү тиктей калганда,
Жүрөктү эзип канатат.

Көйкөлүп бассаң көчөдөн,
Сооротуп көңүл көтөрөм.
Байкабай калсаң мен жакты,
Калп эле катуу жөтөлөм.

Жүзүңдөн жылуу мээр тамып,
Мен жакты карап таң калып.
Кайдыгер болуп мен үчүн,
Сүйлөшпөй койбо сен таныП.

Көздөрүң жагат карагат,
Жүрөгүм күйүп баратат.
Жүгүмдү алсаң колумдан,
Жүгүрсөм анда жарашат.

Тиктебей коё албадым,
Көздөрүң жагат карагат.
Көңүлүм дайым сен үчүн,
Көктөмдөй болуп баратат.

20.04.2012-жыл.

## ДАГЫ ЭЛЕ ЖҮРӨТ СЕЗИМДЕ.

Аралап кирсем жашыл бак,
Жолуктуң өзүң жакындап.
Бир тиктеп койсоң мен жакты,
Көп сырдуу ойлор ачылмак.

Көгөргөн жерде гүл турат,
Кыпкызыл болуп кулпунат.
Гүлдү үзүп сага сунсам дейм,
Тартынам сенде сүр турат.

Катарлап бассак жарашмак,
Айлуу-түн жиреп баратсак.
Армандар анда калбайтко,
Акырын келип жанашсак.

Жийделүү бактын четинде,
Жеткендей болду сезимге.
Баш ийкеп сундуң колуңду,
Жаныңда турган кезимде.

Макул деп койсоң магдырап,
Мактанган күнүм эсимде.
Колуңду кысып сүйгөнүм,
Дагы эле жүрөт сезимде.

24.04.2012-жыл.



## КӨРСӨТКҮН ИШТЕП ТУРМУШТА.

Кызматка барсаң элге иште,
Көр дүйнө менен сермешпе.
Өмүрдө өчпөс шам чырак,
Өзгөрүп кетет бир паста.

Кызматка барсаң элге иште,
Жеткире казып жерге иште.
Бешене териң агызсаң,
Эмгегиң калар бир кезде.

Кызматка барсаң элге иште,
Кыямат кылчу селге иште.
Көңүлүн тапсаң эл журттун,
Көтөрүп кетет бир кезде.

Кызматка барсаң элге иште,
Көп ойлон, ишти бир кеспе.
Көрөңгүң болсо көбүргөн,
Көлкүлдөп турат муну эсте.

Кызматка барсаң элге иште,
Билим да керек бул кезде.
Кооздоп сүйлөп басканың,
Козголтот элди бир паста.

Кызматка барсаң элге иште,
Жакшы сөз бар го кыргызда.
Кыялда ишти бүтүрбөй,
Көрсөткүн ишти турмушта.

05.05.2012-жыл.

## ҮМҮТТӨР ӨЧПӨЙ КАЛСА ЭКЕН.

Үмүттөр өчпөй калса экен,
Улуулар жолго салчу экен.
Ушакты айтса утурлап,
Уялтып айтып койчу экен.

Үмүттөр өчпөй калса экен,
Өр тартып кыргыз жылса экен.
Кыргыздын туусун көтөрүп,
Гимнин ырдап жүрсө экен.

Үмүттөр өчпөй калса экен,
Кыргызды сакташ парз экен.
Байлыкты четке бекитпей,
Бектер банктарга салып калса экен.

Үмүттөр өчпөй калса экен,
Бектерин эл-журтун жолго салса экен.
Кыйналган кыргыз оңолуп,
Таалайын таап калса экен.

Ынтымак ырыс калса экен,
Өйдөлөп өрүш алса экен.
Кыргыз деп ураан көтөрүп,
Үмүттөр өчпөй калса экен.

07.05.2012-жыл.



## БОЗБУ ТОО БОЛУП СЕЗИЛГЕН.

**(Согуштан майып болуп келген ветерандарга арналат)**

Эл коргоп барып согушка,
Убакыт жетпейт турушка
Максатта жеңиш күн болчу,
Душманга сокку урушта.

Кыялап кетти аткан ок,
Басайын десем арга жок.
Жанымды алып калам деп,
Жашынып турам айла жок.

Чукурга түштүм чалкаман,
Үн чыгат сыртта жалтанам.
Жашоодон үмүт үзүлүп,
Келмемди айтам кайталап.

Каргалар учуп какылдап,
Сагызган сайрайт шакылдап.
Жем болот окшой буларга,
Жан чыкса булар катылмак.

Чуулдап октор басылды,
Тагдырга ушул жазылды.
Чукурдан издеп табышты,
Пешенем жарк деп ачылды.

Жаткан жер болду госпитал,
Калбаган мындан башка жол.
Силерге кудай күч берсин,
Ардактуу достор аман бол.

Ооруган жерлер басылып,
Кечирген күндөр жазылып.
Оюмда жеңиш күн турат,
Эсимден чыкпай сезилип.

Кыргыздын туусун кармалап,
Жүрөгүм жылыйт бир жанат.
Бир метр артка чегинбей,
Кыргыздар алдыда жүргөн алгалап.

Үй-жайга келдик эркелеп,
Өчкөн жок үмүт эртерээк.
Болгону колдон ажырап,
Кол кабыш жагы келтерээк.

Жеңишке жеттик ура деп,
Ынтымак-ырыс кура деп.
ССCР күчүн көрсөттү,
Тартиптин күчү туура деп.

Жеңиш күн чыкпайт эсимден,
Жеңиш деп жүрүп эзилгем.
Эл-жер деп окко учкандар,
Бозбу тоо болуп сезилген.

Кут болсун жеңиш майрамын,
Желбиреп турсун байрагың.

09.05.2012-жыл.



## ӨЗГӨ БОЛГУН КЫРГЫЗДЫН.

**(Мектеп бүтүрүүчүлөрүнө)**

Ай берет тикте жарыгын,
Арбыштуу болсун арымың.
Шам чырак болуп жанып тур,
Өмүрдү сакта баарынан.

Жорткондо жолдор шыр болсун,
Башыңа бакыт бир консун.
Байырлап келип кыргызка,
Кызматың элге гүл болсун.

Келечек үмүт сенде бар,
Тоскоол болгон сел да бар.
Тагдырың тайкы болбосун,
Тагдырсыз болгон элде бар.

Жарыгын көрүп жылдыздын,
Үйрөнгүн жашоо турмуштан.
Өр тарткан сайын өйдөлөп,
Өзөгү болгун кыргыздын.

Оргуштап аккан сууга окшоп,
Улай бер уучун кыргыздын.
Ай менен күнгө тең болуп,
Ажосу болчу кыргыздын.

Маңдайдан териң төгүлүп,
Эл-журтка эмгек көрүнүп.
Алакты болуп башка ишке,
Калбасын абийир төгүлүп.

Өр тарткан сайын өйдөлөп,
Өзөгү болгун кыргыздын.

12.05.2012-жыл.

## БИЛБЕЙМ СЕНИН КУРГАБАЙТ КО ТЕЗЕГИҢ.
**(Кыргыз элиндеги ичкилик ичкен күйөө балдарга)**

Сезбептирмин сенин мындай экениң,
Кыялыңды кыйып жазып өтөйүн.
Түштүгүңө жорго инсең болбойбу,
Ичкениңи итке теңеп кетейин.

Күйөөлөрдүн көрдүм эле чеченин,
Кайнатанын кармайт эле этегин.
Жерди тиктеп, түкүргөндөй болдуң сен,
Ынтымактын ырыскынын неченин.

Күйөө деле бала болот сеземин,
Кемчилигиң канча жолу кечемин.
Балдарыңды жандай көрүп сүйөмүн,
Билбейм сенин кургабайтко тезегиң.

Акылыңа келсең дагы эртерээк,
Билим жагың бир кырга да жетелек.
Элди көрүп, эриш-аркак баскын деп,
Түгөйүңү түртө бербе дечү элек.

Мурдагыдан өттү окшойтко кечегиң,
Кебиң кургур, келесоо деп сеземин.
Ата-энеңдин арзуусу бар сен үчүн,
Сезбейсиң го секин бүтчү этегин.

Кызгануунун таппайсыңбы себебин,
Билбесең сен андай кыкты жебегин.
Өкүнөсүң өйдө басып кеталбай,
Ата-энелер айтпапсыңар дебегин.



Аманатсың бул дүйнөгө бир келген,
Алдыга эмес, артка карай базасың.
Бул турмушта жашап, өтө албасаң,
Өзүңө-өзүң көрдү чукур казасың.

Жүрөктөрдү муз тоңгондой сууттуң,
Билбейм сенин кургабайт ко тезегиң.

25.05.2012-жыл.

## АКЫЛ МЕНЕН ЖАКЫНДАШ.

Ойлогон ой, түрмөктөлгөн булуттай,
Ал ойлорду ойлой берсем унутпай.
Кыргыз элдин келечеги кейиште,
Уктабастан ойгонолу курутпай.

Ойлогон ой тээ бийикте, тоого окшош,
Бир карасам, кол жетпеген зоого окшош.
Кылган иштин кыңыр жери көрүнөт,
Кызыгышып кыя баскан жоого окшош.

Ойлогон ой, агып турган сууга окшош,
Бийик туруп, желбиреген тууга окшош.
Кыргыздардын кыйналганын карасам,
Муңдуу чыккан мукам үндүү күүгө окшош.

Ойлогон ой белестеги белге окшош,
Шашкан күндө шаркыраган селге окшош.
Ажобуздун кылган ишин карасаң,
Желп деп өткөн жеңил гана желге окшош.

Ойлогон ой асмандагы куугa окшош,
Тунуктугу түгөнбөгөн сууга окшош.
Акты ак деп, кара жагын капшырып,
Бийиктиги желбиреген тууга окшош.

13.05.2012-жыл.

## ЖАГЫП АЛБАЙТ КӨРГӨ КИРИП ШАМ ЧЫРАК.

Байлар жүрөт көзү тойбой эртелеп,
Элден көрү жакшы жашайт эркерээк.
Соап жагын сол көз менен карашат,
Байлык турса жамбашында канчалап.

Байлар алат бар нерсени мурдарак,
Кембагалдар алалбастан кур калат.
Байлык топтош ойлонбосо кыйын иш,
Баа жагына басым жасайт бурмалап.

Байлар жашайт арабызда канчалап,
Бешенеден тер төгүлбөйт тамчылап.
Байдын дагы бары жакшы эл көрсө,
Алга карап өсө берсин камчылап.

Жүктөр оор, жүгүргөндөр жанчылып,
Жок болгондо көздөн жашың тамчылап.
Ошол кезде байлар карап койсо го,
Жагып албайт, көргө кирип шам чырак.

15.05.2012-жыл.



## ЖОЛУКПАЙМ САГА, КҮТПӨ СЕН.

Жолукпайм сага, күтпө сен,
Күткөндө күтүп бүткөм мен.
Жүрөгүм муздап калгансыйт,
Чокуда жаткан музга тең.

Жолукпайм сага, күтпө сен,
Жеңилдейм сүйүү бүтсө мен.
Өзүңдөн күнөө кетти окшойт,
Бодуң сен кара түнгө тең.

Жолукпайм сага, күтпө сен,
Кадырды кайрып бүктөсөң.
Жамалың жанып өчтү окшойт,
Түтөгөн күйбөй отко тең.

Жашоодо жолго түшпөсөң,
Жакшылык ишти күтпөсөң.
Жаңылган экем сен үчүн,
Жолукпайм сага күтпө сен.

20.05.2012-жыл.

## ШАРКЫРАТМА.

**Аксы районунун Кызыл-Туу айылындагы шаркыратмага жазылды.**

Шаркырап түшкөн жериңе,
Көрөм дем шашып келдим мен.
Чачырап турду көбүрүп,
Чарчаган өңдүү жүзүмө.

Аскадан түшүп асылып,
Тиктесең көңүл жазылып.
Табийгат берген турбайбы?
Чокуда булак жашынып.

Азайып бирде көбөйүп,
Шаркырап туруп басылып.
Сыр жатса керек бул жерде,
Сыр билчү адам азыраак.

Мындай жер биздин Аксыда,
Сыймыгы деймин калкыма.
Тарыхчы келип тактаса,
Ачылат сыры жалпыга.

Шаркырап дайым түшүп тур,
Аксылык элдин бактына.

24.05.2012-жыл.



## СЫЙЛАП КОЙ ОШОЛ БИР КЫЗЫҢ.

**(Жылдыз Жолдошовага ЖК депутаты)**

Бирдиктүү болгун кыргызым,
Жанында турат Жылдызың.
Кызыкпай байлык, бийлике,
Коргогон дайым кыргызың.

Бирдиктүү болгун кыргызым,
Эл десе күйөт Жылдызың.
Демине демди кошолу,
Сыйлап кой ошол бир кызың.

Чындыкты айтып чыркырап,
Бөлүнүп кыргыз дыркырап.
Келечек кандай болот деп,
Жүрөгү күйөт зыркырап.

Бирдиктүү болгун кыргызым,
Ынтымак-ырыс орносун.
Миң жылдап турган ынтымак,
Эмне үчүн азыр болбосун.

Бирдиктүү болуп кыргызым,
Сыйлап кой ошол бир кызың.

26.05.2012-жыл.

## БАЯГЫДАЙ КОЛДУ КАРМАШКЫН.
### (Досум Жүзүгө)

Жаш кезде ойноп күлгөнбүз,
Жакшы иште бирге жүргөнбүз.
Турмуштун жолун ойлонуп,
Көп эле кулак түргөнбүз.

Жаш кезде ойноп күлгөнбүз,
Жанаша басып жүргөнбүз.
Жактырып калган кыздардын,
Жанында басып жүргөнбүз.

Жаш кезде ойноп күлгөнбүз,
Адырдан мисте тергенбиз.
Алдырып койуп аттарды,
Артынан ээрчип жүргөнбүз.

Өмүрдө орто жаш болдук,
Үй-жайлуу болуп токтолдук.
Балдардын тилеп өмүрүн,
Башкача болуп өзгөрдүк.
Алтымыш жашка барам деп,
Алдыга карай козголдук.
Кыйналган бир аз күндөрдү,
Жылдырып баарын өткөрдүк.

Дос болот эрдин жөлөгү,
Ушак сөз аны бөлөбү.
Ашыкча өткөн кеп-сөздү,
Артына кайрып көрөлү.

Жакшылык жака жармашкын,
Кол үзбө жандап бирге өстүң.
Жан досту эстен чыгарбай,
Баягыдай колду кармашкын. 27.09.2011-жыл.



## БИЗДИ ДАГЫ ЧОҢДОР КӨРӨР АКЫРЫН.
### Почта кызматчыларга арналды.

Почтага иштеш оңой дешет бирөөлөр,
Күндө айтса да, иштеп өмүр сүрө бер.
Чычалаба чындык бар го акыры,
Айтып-айтып, калбай калат күнөөлөр.

Почтага иштеш оңой дешет бирөөлөр,
Почтачылар коркпой иштеп жүрө бер.
Алган айлык арзыбаган каражат,
Почтага иштеп, өзүбүздө күнөө бар.

Акча кармап, жооптуубуз баарына,
Үймө-үй кирип жеткиресиң карыга.
Кеч келдиң деп кейип коюп отурат,
Жолугасың көп кыялдын тарына.

Канткен менен тил табышып акырын,
Эл-журт билет, почтачынын жакынын.
Айлык жагы аз болсо да чыдайлы,
Бата жагы ээсин табар акырын.

Почтачылар үмүт менен иштей бер,
Бизди дагы чоңдор көрөр акырын.

04.06.2012-жыл.

## ДИЛ ЖАГЫ КАЛЫПТЫР САКТАЛЫП.

Өмүрдө менде дил таза,

Элиме дилди бер база.

Кудайдан тилеп отурам,

Кудурет жетпей калбаса.

Өмүрдө менде дил таза,

Дил кара болсо, бер жаза.

Кыргыздын дили тазарат,

Бүт кыргыз дилин тазартса.

Көйгөйдү көрүп көз салып,

Жүрөгүм ооруйт батталып.

Ойлонуп карап отурсам,

Дил жагы калыптыр сакталып.

06.06.2012-жыл.



## ДЕПУТАТ БОЛУП ШАЙЛАНАТ.

Эл журтту сүйүп айланат,
Депутат болуп шайланат.
Убада кылган жокмун деп,
Касамын ичип айта алат.

Тил менен ишти майтарат,
Казанда болсо кайтарат.
Элге деп сүйлөп күйүнүп,
Өзү үчүн эптеп пайда алат.

Пайдасы болсо сайды алат,
Самаса сонун жайды алат.
Жалпактап жүрөт чондорго,
Эл-журттун көөнүн кайда алат.

Акчасын чачып айланат,
Депутат болуп шайланат.
Акчаны кайра табам деп,
Көр дүйнө жака байланат.

Көрбөйсүңбү эл-журтум,
Депутат ушундай болуп шайланат.

09.06.2012-жыл.

## БӨЛБӨСҮН КУДАЙ АРАСЫН.
**(Султанга: Аксы рай. почта бөлүмүнүн башчысы)**

Тартиптер дайым сакталып,
Талабын элдин аткарып.
Суурулуп чыгып алдыга,
Почтаны калдың башкарып.

Муңайым бирок мүнөзүң,
Элим деп, эстеп жүрөсүң.
Султан деп элиң урматтап,
Өр тарта өйдө сүрөсүң.

Жетекчи бизге бир өзүң,
Акчаны жетпеген жака сүрөсүң.
Бирдей бөлүп баарына,
Калыстык менен жүрөсүң.

Ким кандай аны билесиң,
Көз менен байкап жүрөсүң.
Көрсөтүп дайым турасың,
Далилдеп туруп күнөөсүн.

Султан деп баары сыйлашат,
Ырбатпа иштин жарасын.
Бутагың болуп турабыз,
Бөлбөсүн кудай арасын.

10.06.2012-жыл.



## БИР ЖӨЛӨП КОЁМ СЕНИ МЕН.
**(Неберем Эмирказыга)**

Тагдыры башка апаңын,
Тун уулу болдуң атаңын.
Эркелей албай жүрөсүң,
Мен эстеген сайын капамын.

Сөйкөнү салып баш кош деп,
Байкабай калган экемин.
Бактылуу болот деп жүрүп,
Чече албай калдым этегин.

Сен болчу сүйчү неберем,
Эң жакшы көрөм сени мен.
Таятаңда жүрүп чоңойдун,
Чоочун деп жүрүп мени сен.

Бактыңы кудай ачса экен,
Жамандык сенден качса экен.
Чоңойгон сайын чогулуп,
Ырыскы батпай жатса экен.

Топ жарган жигит болуп жүр,
Бактылуу болуп, өмүр сүр.
Чоң атаң эстеп эзилет,
Эс тарткан сайын билип тур.

Көңүлүң бөлөр ата-энең,
Бөлбөсө бөлчү атаң мен.
Кудайым кубат берсе эгер,
Бир жөлөп коём сени мен.

11.06.2012-жыл.

**МУЗДАГАН СУУК ЖҮРӨКӨ.**

Тескейге түшкөн көлөкө,
Тең болбо менден бөлөкө.
Рентген коё албагам,
Иштелип жаткан жүрөкө.

Тоо жактан түшкөн көлөкө,
Толукшуп жүрбө бөлөкө.
Тооруган менин оюмду,
Жаратып жүргүн керекке.

Күнгөйдөн түшкөн көлөкө,
Түшпөсүн көзүң бөлөкө.
Жолукпайт мага башкалар,
Муздаган суук жүрөккө.

Тал-терек түбү көлөкө,
Жолобойм мен да бөлөкө.
Камтама болбо кемпиржан,
Орногон сенсиң жүрөккө.

14.06.2012-жыл.



**ЖАКЫНДАП КЕЛЧИ БЕРИ ЖАКА.**

Бийикте тегиз жер жака,
Жакындап келчи бери жака.
Жашоодо үмүт бар болсо,
Жакындаш келип мен жака.

Тиктейсиң тоонун этегин,
Айттыңго ойдун нечени.
Жүрөктөн чыккан сөз болсо,
Мен жүз күнгө чейин күтөмүн.

Оюңду токтот мен жака,
Ойлонбо күтүп ар жака.
Жалтактап жүрбөй алыстап,
Жакындап келчи бери жака.

Жашоонун отун уласак,
Жалпы оюм жылар сен жака.

17.06.2012-жыл.

## БАКТА ОТУРУП, БАЛАЛЫГЫМ ЭЛЕСТЕЙТ.

Бакта отуруп, балалыгым элестейт,
Неберелер мени эрчитип келесиз дейт.
Бал муздактын ширининен тандашып,
Бүгүн мага аны сатып бересиз дейт.

Бакта отуруп, балалыгым элестейт,
Чоң ата сиз чоң бакка алып киресиз дейт.
Селкинчектин күүсүн карай термелип,
Күндү карай термелгенин көрөсүз дейт.

Бакта отуруп, балалыгым элестейт,
Чоңоюшуп, чоң болгондо мени эстейт.
Неберенин ширидиги болбосо,
Балалыкты кайра кайтып ким эстейт.

Элге чачкан ырыскыдан тересиз дейт,
Чоңоёлу жүзгө чыгып бересиз дейт.
Неберенин кыялдарын көргөндө,
Бакта олтуруп, балалыгым элестейт.

20.06.2012-жыл.



## МЕКЕНДИ ЭСТЕП ЭЗИЛЕМ.

Мекенди эстеп эзилем,
Ондошор бекен тезинен.
Эки өлкө бизге тирешет,
Корккондой болуп сезилем.

Мекенди эстеп эзилем,
Мекен дейм, бала кезимен.
Мекенди эстеп калганда,
Оруудай болуп сезилем.

Мекенди эстеп эзилем,
Оңолсо деймин тезинен.
Олдоксон болгон чоңдордун,
Ойлонуп корком сөзүнөн.

Мен ондоп коё тургансып,
Мекенди эстеп эзилем.

23.06.2013-жыл.

## ГҮЛ БАКТАН БЕРГЕН ГҮЛДЕСТЕ.

Гүл бактан берген гүлдесте,
Эстедим туруп бир кезде.
Гүл сунуп жаткан учурду,
Ойлонуп көрүп сен да эсте.

Сүйүүнүн отун сен кечпе,
Чарчаган жүрөк бул кезде.
Гүлбактан берген гүлдөрүм,
Күнөкөр эмес, ал кезге.

Көп эстеп, көңүл бургузба,
Көңүлдө көпкө тургузба.
Турмушуң башка болсо да,
Айла жок айтып турбаска.

Түбөлүк калар эсимде,
Гүлбактан берген гүлдесте.

25.06.2012-жыл.



## СЕН ОҢ КӨЗҮҢ МЕНЕН КАРАСАҢ.

Жол тиктеп жолуң карагам,
Жароокер болуп жарасаң.
Жокко эсе болгон турбайбы,
Жолуккан күндү санасам.

Жол тиктеп жолуң карагам,
Жат болуп сенден баратам.
Сен деген оюм жок болсо,
Кантип мен сага жанашам.

Жоодурап жолдо баратсаң,
Жоогазын гүлдөй самагам.
Өмүрлүк жарым болот деп,
Жол тиктеп жолуң карагам.

Жол тиктеп жолуң карагам,
Мен акырын соолуп баратам.
Бакыттын жолу ачылмак,
Сен оң көзүң менен карасаң.

27.06.2012-жыл.

**БААРЫН КӨР.**

Тумандап турган кышты көр,
Турмушка чыккан кызды көр.
Ачууң келсе абайлап,
Акылды иштет сөздү бөл.

Бетмандай турган тушту көр,
Эргиген элдик курчту көр.
Тамакты таттуу жейм десең,
Эзилген аппак тузду көр.

Тоодогу турган музду көр,
Муңайым тарткан жүздү көр.
Кекилик кууп бараткан,
Кер канат сулуу кушту көр.

Шаркырап аккан сууну көр,
Көп карап ага көңүл бөл.
Көтөрүп көңүл эргитет,
Көңүлдү дайым бөлүп көр.

Көлдөгү сүзгөн кууну көр,
Желбиреп турган тууну көр.
Тоодогу тунук булактан,
Тойгуча ичип канып көр.

Ээндеп жаткан чөлдү көр,
Чөмүлсөң барып көлдү көр.
Чалкыган сонун жери бар,
Келишкен жакшы төрүн көр.

Белесте турган белди көр,
Сай толо келген селди көр.



Көралбай калып бир-бирин,
Кат жазып жүргөн элди көр.

Сыймыкты алган тоону көр,
Кыйылган арча-токою
Кыйналып калган коону көр.
Мөңгүлөр эрип сел болуп,
Көл болуп калган жерди көр.

Аркар менен кулжаны,
Аскадан аткан жоону көр.
Муңайым болуп тизилип,
Жалтырап турган зоону көр.

Жаңырган жаңы айды көр,
Жүгүргөн күлүк тайды көр.
Көбөйгөн сайын бүрүшүп,
Базалбай калган байды көр.

Жайылып жаткан койду көр,
Эскирип эстен чыкканда,
Эстетип берген тойду көр.
Теңелип ага бечара,
Үй-жайын саткан элди көр.

Тополоң болгон желди көр,
Кредит алып кутулбай,
Качканга мажбур элди көр.
Калганы эптеп кул болуп,
Төгүлүп жаткан терди көр.

Талкалап бузуп заводу,
Тайманбай алган зорду көр.
Эл мене иши жок эле,
Курсагы менен бойду көр.

Сүйлөгөн чечен эрди көр,
Кайраты күчтүү серди көр.
Көр оокат үчүн кыйналып,
Көз жашын төккөн элди көр.

Мансаптан алып пайданы,
Манчыркап калган эрди көр.
Базарга өтпөй товары,
Башы оорул жүргөн элди көр.

Балдары кетип шаарга,
Кыштакта калган чалды көр.
Казылбай биртке арыгы,
Бүкчүйүп калган белди көр.

Кыштакта калбай жаштары,
Чет жакка кеткен элди көр.
Кул болуп жүрүп оруска,
Пул салган бизге шерди көр.

Окуу жай бизде көбөйүп,
Олжолуу болгон жайды көр.
Контракт төлөп ата-эне,
Түйшүккө түшкөн элди көр.

Диплом алып жарабай,
Бактысын башта карабай.
Такалып калып жар жака,
Тамтаңдайт баскан баладай.

Өлгөндө сойгон бээсин көр,
Өкүрүп турган ээсин көр.
Сугунуп жешип, аш этин,
Сугалак болгон кээсин көр.



Чепкенди кий деп чарсылдап,
Чечинтип турган жерин көр.
Өлгөнгө жуу деп он киши,
Киргизип жаткан зорун көр.

Каада-салт кетти көбөйүп,
Каймана айттым карап көр.
Өлгөндө кылбай шаан-шөкөт,
Тирүүндө байкап карап көр.

Чегара бар деп чеп кылган,
Сактайбыз чепти деп кылган.
Солдатты тизип катарга,
Чымчык да өтпөйт деп кылган.

Кебинде чындык барга окшойт,
Кемчилик жагы зорго окшойт.
Камаз толо жүк өтсө,
Солдаты турат көргө окшойт.

Кыргыздын кейпин кийишпей,
Кыргызга жандап тийишпей.
Башка улут жандап тийишет,
Аркасын ойлоп билишпей.

Тагдырың сенин алданган,
Корксоңчу антип баргандан.
Ала-Тоо турса кыргыз деп,
Сенин кыргыздыгың жалгандан.

Жаштары чыгат жадырап,
Жакшысы бирок азыраак.
Сигарет менен нашага,
Катарга туруп жазылат.

Мындайда кыргыз кыйналат,
Пикетке чуркап жыйналат.
Аял-эркек аралаш,
Алакты болуп буйдалат.

Чоңдорду көрсөң чогулуп,
Чогулган жерде сыйды алат.
Кеби менен кедейди,
Керегинче бай кылат.

Соку уруп калса эл-журту,
Чет жака барчу жай кылат.
Казанга койбой эч нерсе,
Капкара жаман сай кылат.

Өзүндөй тууган, ДОС-жарын,
Эбегейсиз бай кылат.
Жашаган эптеп эл журтту,
Ээсин эки шай кылат.

Жазылган ойдун баарын көр,
Жакшысын тандап алып көр.
Жаңылып калсам кокустан,
Жаманын иргеп алып кал.

Каймана жазган оюмду,
Жүрөкө жакын алып көр.

01.07.2012-жыл.



## КЫРГЫЗ МЕНЕН КОШО ЖҮРСҮН КҮНӨСТӨП.

Кыргыз үйдүн кереги бар кыргызга,
Кылымдардан келе жатат турмушта.
Мындай үйдү башка элдерге бербеген,
Кудай өзү насип кылган кыргызга.

Кыргыз үйдүн кереги бар кыргызга,
Жыйырма минут керек болот тургузса.
Кирсең чыккыз жасап коюп саматта,
Жашоо шартын улай берет турмушта.

Кызын берип кыргыз үйдөн узатат,
Кыргыздарда калбачудай бул адат.
Канткен менен ата салтын улантып,
Тигилсе дейм кыргыз үйлөр жанашып.

Өлгөндө да өкүрөтко өбөктөп,
Мүмкүн бирөө элестетер бөлөктөп.
Канча айтсак да, канга сиңген кыргыз үй,
Кыргыз менен кошо жүрсүн күнөстөп.

03.07.2012-жыл.

## КОШ ДАНЕК ЖЕШТИК ЭКӨӨБҮЗ.

Кош данек жештик экөөбүз,
Айтышар күндү күтөбүз.
Мен айтып койсом кокустан,
Күйүнбөй бир аз түтөнүз.

Кош данек жештик экөөбүз,
Ал күндөр бүтөт өтөбүз.
Данекти шылтоо кылбастан,
Даректүү ишти күтөбүз.

Кош данек жештик экөөбүз,
Айтышсак аны бүтөбүз.
Мен айткан ойдун этегин,
Ойлонуп көрүп бүтөнүз.

Орчундуу ойду чечет деп,
Кош данек жештик экөөбүз.

05.07.2012-жыл.



## СӨЗ ЧЫКПАЙТ МЕНДЕН БАШКАЧА.

Сөз чыкпайт менден башкача,
Сөз ташып жүрүп чачпаса.
Ушактын бети курусун,
Уюган жерин баштаса.

Чындыктын сырын баштаса,
Чындыкты чын деп каттаса.
Чын пейилден кубанам,
Сөз чыкпайт менден башкача.

Чындыкты дайым сактаса,
Ошондо дилим таптаса.
Ушактан узак жүрөйүн,
Сөз чыкпайт менден башкача.

07.07.2012-жыл.

## ТАШ БОЛУП КАТЫ БҮТ ДЕНЕМ.

Келсеңчи жазган кат менен,
Кыялап бастыр ат менен.
Жайлоодо күтүп мен турам,
Жалбырттап күйүп бүт денем.

Келсеңчи жазган кат менен,
Бир баспа келсең жат менен.
Сүйлөшүп эле жүрдүкко,
Таныбай турган жат белем.

Келсеңчи жазган кат менен,
Күткөнгө тете зат белең.
Күйүгүп күтүп мен турам,
Күйгөнсүп жанып бүт денем.

Келсеңчи жазган кат менен,
Жайлоонун төрү бүт кенен.
Түйшүгүн тартып отурам,
Түңүлбөй койду бүт денем.

Келсеңчи жазган кат менен,
Мындайды сенден күтпөгөм.
Жарыңды таап жайлоого,
Бастырып келдиң ат менен.

Көргөндө көзгө ишенбей,
Таш болуп каты бүт денем.

08.07.2012-жыл.



## ЧОҢОЙСУН БАЛДАР КЫРГЫЗ ДЕП.

Чоңойсун балдар кыргыз деп,
Эл-журтта дайым ушул кеп.
Башкага күнөө койбостон,
Үрөндү таза өзүң сеп.

Чоңойсун балдар кыргыз деп,
Кыргызды өйдө тургуз деп.
Тартибин ондоп көз салып,
Тарбия бергин акыл кеп.

Чоңойсун балдар кыргыз деп,
Кыргызды билсин жылдыз деп.
Кылымдан келген жылдызды,
Улайын уучу турсун деп.

Чоңойсун балдар кыргыз деп,
Балдарга көңүл бурсун деп.
Кереги болуп кыргызга,
Тизилип катар жүрсүн деп.

Чоңойсун балдар кыргыз деп,
Кылымдап көңүл турсун деп.
Жакшылык берет кудайым,
Ынтымак – ырыс курсун деп.

10.07.2012-жыл.

## МЕЗГИЛДЕРДИН КӨРСӨТКӨНҮН КАРАСА.

Мезгил менен тең жарыштым карасам,
Көп мезгилдер өттү окшойтко санасам.
Жакшылыктан үмүт кылып өйдөлөп,
Өйдө карап, өр тарткансып баратам.

Жүгүм оор жеңилдебейм карасам,
Эми жүктү көтөралбай баратам.
Мезгил жетип, мени карап калганбы,
Иштебейт го мени тарткан таразаң.

Мезгил өзү мен дегенди чарчатат,
Өйдө-төмөн өзгөрүлтүп, калчатат.
Тагдыр кандай, бакыт консо башыңа,
Мезгилдерге тегеренип айланат.

Мезгил өзү өлчөй турган тараза,
Салмагың бар, абийириңе жараша.
Айтып турат адамдыктын сапатын,
Мезгилдердин көрсөткөнүн караса.

11.07.2012-жыл.



## БОЗБУ ТОО СЕНИ САГЫНЫП.

Аксыдан багың ачылып,
Көлөкөң элге чачылып.
Сүйүнөт элек сүрдүгүп,
Кендериң калса казылып.

Жайытсың малга жатыгып,
Жазайын сени батынып.
Канча мал чыкса көрүнбөй,
Бир бурчта калат жашынып.

Чокуңда турган сур булут,
Жамгырын жаатат бир туруп.
Кабагын бүркөп калганда,
Кар жаатып коёт жулкунуп.

Бозбу тоо сенде көл да бар,
Көралбай жүргөн эл да бар.
Көрүнбөй турган тешиктен,
Көлүм, көйкөлүп агып элге бар.

Тумардай кылып тагынып,
Атыңды атап кагылып.
Боорума кызып жүргөнсүйм,
Бозбу тоо сени сагынып.

15.07.2012-жыл.

## КАПЧЫГАЙ.

Жерге-Тал менен Капчыгай,
Кыргыздын баары батчудай.
Ысык-Көл көчсө Аксыга,
Мелтиреп ал да жатчудай.

Эл сүйгөн биздин Капчыгай,
Катарын бузбай жаздымай.
Көп жерден улук турасың,
Көтөрүп көңүл ачтымай.

Эл сүйгөн биздин Капчыгай,
Эркелеп сенде бастымай.
Убакыт бир ас болуп,
Жазганда сага шаштымай.

Кечирим сурайм ал үчүн,
Келбетиң эми ачтымай.

17.07.2012-жыл.



## БААҢ ТҮШҮП, ПАХТА БАЙКУШ ЖОК БОЛДУҢ.

Кадыр-баркың жогору эле мурдараак,
Кырмандарга үйдүк эле тонналап.
Пландарды жүздөн өйдө ашырып,
Ак алтын деп сага тамга басылып.

Коллегия, бюролорго катышып,
Райкомдун ыкысынан качышып.
Күндүр-түндүр иштей берген кызматчы,
Чечинбестен талаа-түскө жатышып.

Эми сенин ашпайт окшойт кадырың,
Түңүлгөнсүп, дарбыз эгип жатырым.
Бизнесмендин бийлигинен кутулсак,
Дыйкан байкуш, байкап калар акырын.

Мезгил ушул, базар ачсын багыңы,
Көтөрөбүз сынып турган шагыңы.
Дыйкандардын жетип калар акылы,
Баамдашар бара турган жагыңы.

Бизнесмендин бийлигине токтолдуң,
Бааң түшүп пахта байкуш жок болдуң.
Отун үчүн эгип калса дыйканың,
Сен акырын, ал орундаң козголдуң.

20.07.2012-жыл.

## ТҮҢҮЛБӨЙ ТУРГАН ВИТАМИН.

Дүмбүлдү жесең дүп дейсиң,

Жегенде аны жуп жейсиң.

Кубатты алып дүмбүлдөн,

Көтөрөм барбы жүк дейсиң.

Дүмбүлдү жесең витамин,

Дүмбүлдү эңсеп күтөйүн.

Учуру келсе дүмбүл жеп,

Кумардан чыгып бүтөйүн.

Дүмбүлдү жазып өтөйүн,

Жакшылык жака көчөйүн.

Түңүлбөй андан пайдалан,

Түгөнбөй турган витамин.

22.07.2012-жыл.



## СЫРДАШКЫМ КЕЛЕТ СЕН МЕНЕН.

Отурган жакта жер кенен,

Оолактап баскын мен менен.

Сырыңды тартып өзүмө,

Сырдашкым келет сен менен.

Басканга сага жол кенен,

Бак болсоң алма мен терем.

Көлөкөң тийсе мен жака,

Сырдашкым келет сен менен.

Уктабай улам мен келем,

Уйкусуз кылган сен белең.

Мен жакты карап жылмайсаң,

Сырдашкым келет сен менен.

24.07.2012-жыл.

## ӨЧПӨГӨН ҮМҮТ УЛАНАТ.

Өчпөгөн үмүт уланат,
Аз-аздан секин куралат.
Түшүнүп жүрсөң түбүнөн,
Түпкүлүк жака бурулат.

Өчпөгөн үмүт уланат,
Өзөксүз болсо куланат.
Нарк-нускаң турса бузулбай,
Өмүр бап сенде туралат.

Жакшылык жагын куралат,
Өйдө-ылдый жака буралат.
Өбөктөп жатып калбасаң,
Өчпөгөн үмүт уланат.

Балалык кезден куралат,
Байырлап сенде туралат.
Баёолук жагың болбосо,
Бакыттын гүлүн суналат.

Өзүңдө турат баарысы,
Өчпөгөн үмүт уланат.

26.07.2012-жыл.



## ӨМҮРДӨН КАЛГАН ИЗ.

Өмүрүм өттү өзгөрүп,
Өйдө ылдый жакты көп көрүп.
Эмгектен калат изибиз,
Арт жакта элге жүктөлүп.

Өмүрдө жашап бүтпөдүк,
Өзгөргөн сайын бүктөлүп.
Элесим калар элимде,
Эмгегим калса түптөлүп.

Көңүлдүн баарын бүт бөлүп,
Журтумдун жүгүн бүт көрүп.
Жугумдуу болом деп жүрүп,
Өмүрдү турам бөктөрүп.

Ойлоном менден из калар,
Мээнетсиз болсом эл танар.
Өмүрдө калган изимен,
Өгөйлөп турбай эл баалар.

Жол тартып калсам дүйнөдөн,
Жакшы эле киши деп калар.

27.07.2012-жыл.

## БОЛБОЮН АНДАЙ ЖАҢЫЛЫП.

Кудайга күндө жалынып,

Көр дүйнө жака малынып.

Капилет келген турбайбы?

Качсам да жетип карылык.

Талпынып жүрүп талыгып,

Кары деп төшөк салынып.

Качканда жаштар жанынан,

Өгөйлөп жүрөм таарынып.

Карылык келсе багынып,

Сыймыгын алып тагынып.

Соксондоп жүргөн чалга окшоп,

Болбоюн андай жаңылып.

29.07.2012-жыл.



## КАНДАЙ ЖИГИТ КАРМАП КЕТТИ КОЛУҢДАН.

Жайдын ысык чачыраган маалында,
Кармаптырсың кызыл сумка колуңда.
Көрүп калып, узак жактан тиктесем,
Ак көйнөкчөн жигит турат жаныңда.

Жоолугуңду салыңдыңго ондолоп,
Ал жигиттен сени турам корголоп.
Чын көңүлүң менде болсо карындаш,
Мени көрүп койбойсуңбу булгалап.

Кызганганым, кыйналганым баарынан,
Сени күтүп, көзүмдү албай зарыгам.
Көп ойлонуп, жылбай калдың ордуңан,
Жүрсөм гана чыкпай сенин жаныңдан.

Сени ойлонуп, сезбей турам өзүмдү,
Кандай жигит кармап кетти колуңдан.

01.08.2012-жыл.

## ЖЕТИ-ӨГҮЗ.

Аксыдан келдик төртөөбүз,
Жериңди көрдүк Жети-Өгүз.
Мага кел, токто деп турсаң,
Тоң жака кантип өтөбүз.

Айылыңды көрдүк Жети-Өгүз,
Ал четке качан жетебиз.
Айтылуу кооз жериңди,
Аксыга айтып кетебиз.

Тоолоруң көрдүк Жети-Өгүз,
Токтолуп бир аз күтөбүз.
Эл сүйгөн бийик курортко,
Бир ирет келип кетебиз.

Журтуңду көрдүк Жети-Өгүз,
Жумушту бүгүн бүтөбүз.
Кыздары турат суйкайып,
Аксыга кантип кетебиз.

Сулуулук жагың суйкаят,
Сук кирбей турсун Жети-Өгүз.

09.08.2012-жыл.



## ЫСЫК-КӨЛ.

Акындар жазат сагынып,
Тумардай кылып тагынып.
Көлүмдү мен да даңктайын,
Алардан калбай бөлүнүп.

Кыргыздар сени бөпөлөйт,
Жылдыздай турчу көкөлөп.
Жээгиңе келип эс алып,
Жок окшойт сени кечелек.

Толкунуң урса шартылдап,
Ток мээр турам эселеп.
Демиңде туруп семирип,
Теңдеш жок, сага жетелек.

Акылдуу сулуу кыз болсоң,
Алып кетет элем жетелеп.
Көл болуп сыймык ала бер,
Көркөмүң көздөн кете элек.

Канча алыс турсаң өзүмдөн,
Узак деп жүрөк сезе элек.

10.08.2012-жыл.

## ГРИГОРОВСКИЙ КАПЧЫГАЙ.

Григоровский капчыгай,
Кыйналып издеп таптымай.
Шаркырап аккан суудун,
Шарына барып жаттымай.

Григоровский капчыгай,
Кырыңа чыгып бастымай.
Көктөгү улар, бүркүттүн,
Шаңшыган үнүн уктумай.

Жапжашыл тилке карагай,
Тиктесем кумар тарабай.
Өмүрдүн өчпөс өзөгүн,
Алгандай болдум санабай.

Григоровский капчыгай,
Кызыгып сени жаздымай.
Кыргыздын атын койбоптур,
Кыйылып туруп кайттымай.

11.08.2012-жыл.



## ЧОК-ТАЛ.

Чок-Талда жатып эс алып,
Көл жака күндө бет алып.
Күн чыкса көктөн кылайып,
Чок болуп күйөт кызарып.

Эл чубап сага каттаган,
Алдыңбы элдик батадан.
Көл турат сага төгүлүп,
Чок-Тал деп атың атаган.

Чок-Талга барып эс алгын,
Эңсесең эптеп жеталсаң.
Тиктесең кумар кандырат,
Чок-Талды карай беталсаң.

Өмүргө-өмүр кошчудай,
Өзгөчө экен эс алсаң.

13.08.2012-жыл.

## СУЛАЙМАН ТОО.

Сулайман Тоо бир чети дейт Мекенин,
Акын байкуш ырдын жазды неченин.
Мен да жазып, даңазалап көрөйүн,
Ойдогудай жеткизе алар бекемин.

Сулайман Тоо бир чети дейт Мекенин,
Сени көрсөм толкунданып кетемин.
Ош шаарымдын орногонун карачы,
Сени тиктеп, кармап турат этегиң.

Сулайман Тоо бир чети дейт Мекенин,
Сени дайым мекенимдей сеземин.
Кыргыз үчүн кылымдарга тура бер,
Өзүңдү мен өбөк кылып өтөйүн.

15.08.2012-жыл.



## КЕЛДИШТИ АЙТСАҢ БААРЫН АЙТ.

Келдишти айтсаң суусун айт,
Жээктен чыккан буусун айт.
Кош канат сермеп көктөгү,
Суу бойлоп конгон куусун айт.

Келдишти айтсаң тоосун айт,
Мистеси толо коосун айт.
Кейибей, жыргап отурган,
Кемпири менен чалын айт.

Келдишти айтсаң көрүп айт,
Көңүлдү толук бөлүп айт.
Жолоочу өтсө сыгылат,
Жолунун бир аз тарын айт.

Келдишти айтсаң келип айт,
Капчыгай сайдын төрүн айт.
Эс алып жүргөн жаштарды,
Эстесең анын санын айт.

Келдишти айтсаң жерин айт,
Сезгенбей жаткан белин айт.
Кен байлык толо жаткандыр,
Изилдеп көрүп, бөлүп айт.

Келдишти айтсаң көрүп айт,
Көрөңгүң болсо баарын айт.
Көп жерин жаза албадым,
Оюмдун бир аз тарын айт.

23.08.2012-жыл.

## СУУСАМЫР.

Суусамыр сонун кең өрөөн,
Сукtанып жылда бир көрөм.
Аңкыган атыр жытыңа,
Кумардан чыгып мен калам.

Суусамыр сонун кең өрөөн,
Сулууга тете тең өрөөн.
Жай-жайлап келген мал-жанга,
Ырыскы берген сен элең.

Суусамыр сонун кең өрөөн,
Көңүлдү сага көп бөлөм.
Көз тийип кетип жүрбөсүн,
Тарыхың сенин эң терең.

Суусамыр сонун кең өрөөн,
Кыргызка кызмат кыл терең.
Кош курган жылкы мал менен,
Колтукташ болуп тур кенен.

Кыргыздар сени жерим деп,
Сыймыкта жүрсүн сен менен.

24.08.2012-жыл.



## КЫРГЫЗДЫ МЫНЧА НЕГЕ СҮЙБӨДҮҢӨР.

Кыргызды кыйратам деп сүйлөдүңөр,

Кыргызка сүйүп-күйүп күйбөдүңөр.

Кыргызды өйдө карай жетелебей,

Шамалдай артка карай үйлөдүңөр.

Кыргызды кыйратам деп сүйлөдүңөр,

Куру сөздү шарга окшотуп үйлөдүңөр.

Кыргыздын ой-максатын толтурбастан,

Кычырап, кыйын кезде күлгөнүңөр.

Кыргызды кыйратам деп сүйлөдүңөр,

Кыргызды муундуруп, сүйрөдүңөр.

Кыргыздын кылы сынбайт, карап турат,

Кыргызды кыйын кезде кыйнадыңар.

Кыргызды кыйратам деп сүйлөдүңөр,

Кыргызды көңүлдөргө түйбөдүңөр.

Кыргызды дүңгүрөтсө болор эле,

Кыргызды мынча неге сүйбөдүңөр.

31.08.2012-жыл.

## АЗАБЫ БҮТПӨЙТ ЭЛИМДИН.

Каймагы десе элимдин,
Кара бет болуп көрүндүң.
Алмаша берип чоңдору,
Шор кетпейт окшойт элимден.

Балдан да ширин жеримдин,
Баёлук жактан семирдин.
Кыйкырып кызмат талашсаң,
Кыйноосу бүтпөйт элимдин.

Май десе, майлуу жеримдин,
Эл байкуш алга теминдиң.
Көшөгөң теги көгөрбөйт,
Көз жетпес жактан көрүндүң.

Түндүк менен түштүк деп,
Түпкүлүк жака бөлүндүң.
Түбү жок саясатты ээрчип,
Түнүлгөн жактан көрүндүң.

Алмаша берип хандары,
Калбады кадыры аныңдын.
Болгону болуп бүттү окшойт,
Азабы бүтпөйт элимдин.

02.09.2012-жыл.



## АДАМ БОЛУП ӨСӨГӨР.
**(Неберелерим Нуржигит, Нурэл, Эмирказы, Жоомарт, Атабек, Кадырбек, Нуртилек, Бексултан, Зариналарга арнайм)**

Айгышкан азап жолдордон,
Абайлап секин өтөгөр.
Сезими күчтүү сезимтал,
Сергек болуп өсөгөр.

Тор жайган жаман тозоттон,
Ток мээр болуп өтөгөр.
Кызматың журттан аябай,
Толгонуп эл деп өсөгөр.

Оорунсуз жаман сөздөрдү,
Токтото сүйлөп кесе гөр.
Жалпылап айткан сөздөрдүн,
Жакшысын угуп, сезегөр.

Агарган бийик чокуга,
Акылың менен жетегөр.
Олку-солку толкундан,
Оодарылбай өтөгөр.

Тилегим айтам силерге,
Адам болуп өсөгөр.

04.09.2012-жыл.

## АЗГЫРБАЙ МЕНИ ЖҮРГҮН ДЕП.

Күн батып калган күүгүмдөп,
Күйүгүп айттың жүргүн деп.
Токтотуп калдым оюңду,
Күч менен сүйбөй жүргүн деп.

Күн батып калган күүгүмдөп,
Күлүшүп турдуң жүргүн деп.
Куттүрбөй сени узаттым,
Күйгүзбөй мени жүргүн деп.

Күн батып калган күүгүмдөп,
Жалооруп калдың жүргүн деп.
Коштошуп койдум акырын,
Өмүрдү узун сүргүн деп.

Күн батып калган күүгүмдөп,
Кармадың колдон жүргүн деп.
Абайлап сени узаттым,
Азгырбай мени жүргүн деп.

07.09.2012-жыл.



## ТАБЫЛСА ЭКЕН ДАРЫСЫ.

Жашап жатат жашы менен карысы,
Алдыга эмес артка жылат арышы.
Бул жашоодо алп урушуп байлыка,
Шүгүрчүлүк келтирбейтко баарысы.

Жашап жатат жашы менен карысы,
Жат көрүнүш, жагдайлардын баарысы.
Маани берип, акыл менен карабай,
Бекер эмес пейилдердин тарышы.

Жашап жатат жашы менен карысы,
Билинбейтко агы менен сарысы.
Турпак басып, түнүлгөндө дүйнөдөн,
Ошол кезде шүгүр дейби баарысы.

Жашап жатат жашы менен карысы,
Байлык топтош, бүтпөйт окшойт жарышы.
Адамдыктын алтынга окшош сапаты,
Түгөнөбү? табылса экен дарысы.

09.09.2012-жыл.

## КИРБЕЧИ ТҮШКӨ КЕЧИНДЕ.

Боз кыроо түшкөн күзүндө,
Бозомук көрдүм түшүмдө.
Жалбарып, тиктеп турупсуң,
Жашыруун тийип сезимге.

Түш ооп өтүп пешинде,
Кирбечи түшкө кечинде.
Түйшөлүп чарчайт экенсиң,
Түпкүлүк жагың эсимде.

Балалык ойноо кезимде,
Баалачу элем сезимде.
Өзүңдөн эми түңүлгөм,
Кирбечи түшкө кечинде.

Гүл баскан талаа четинде,
Күймөнүп жүрдүң сезимде.
Тагдырың башка болгон соң,
Кирбечи түшкө кечинде.

11.09.2012-жыл.



## БУЛУТТАЙ ӨТТҮ ӨЗГӨРҮП.

Алтымыш айды мен көрүп,
Акырын жүрүп өзгөрүп.
Ойлогон ойго жеталбай,
Түйшүктү баштан өткөрүп.

Карылык калды шаштырып,
Жаштыкты артка качтырып.
Муундар калды бошошуп,
Абайлап секин бастырып.

Акыйкат, чындык жоголуп,
Күн өтүп, айга тоголуп.
Карыбайм деген үмүттөр,
Кайрылбай кетти өзгөрүп.

Алтымыш айды мен көрүп,
Карасын, агын тең көрүп.
Бурулуп артты карасам,
Булуттай өттү өзгөрүп.

15.09.2012-жыл.

## БЕКЕМИРЕК СҮЙӨГӨР.
### (Жарым Гүлсүнгө)

Болсо болуп, өткөн чыгар күнөөлөр,
Бирок өзүң саламатта жүрөгөр.
Жүрөгүмдү сага арнап өтөмүн,
Жаңылышып сүйбөйт десе ким эгер.

Болгон чыгар түшүнбөгөн жүйөлөр,
Көңүлдөр түз, бир-бирине сүйөнөр.
Карыганда карегиңен билгизбей,
Мурдагыдан муңайым бол, күйөгөр.

Кеткен чыгар, кемчиликтер күнөөлөр,
Кер шайтанды келтирбестен сүрөгөр.
Жүк котордук биргелешип экөөбүз,
Кол кармашып, колтугумда жүрөгөр.

Алды-артыңды акыл менен түйөгөр,
Адаштырба алга сүйрөп жүрөгөр.
Бел бошошуп, мен бечара болгондо,
Бек кучактап бекемирээк сүйөгөр.

18.09.2012-жыл.



## ЖЕҢИЖОК АКЫНГА ТААЗИМ.
### (152 жылдыгына арналып жазылды)

Таластан келип Жеңижок,
Тартынчу ооруп алы жок.
Аксынын жагып абасы,
Сыздаткан ооруу эми жок.

Оруудан сыркап басылып,
Ачылып көңүл жазылып.
Уламдан ырды төккөндө,
Кенге окшоп турчу казылып.

Эл менен бирге олтуруп,
Ырдачу мукам созулуп.
Булактай акчу шаркырап,
Ырлары Кара-Сууга кошулуп.

Ырдаса сууну акырын,
Арбагын эстеп жатырым.
Жети күн сууну ырдаса,
Жетпейт ко ага акылың.

Аксыдан таап өз жарын,
Көксулуу менен жашаган.
Перзентти бербей кудайым,
Бутунан бекем тушаган.

Өтсө да анын ыры бар,
Ырында бийик сыры бар.
Ырдаса наркты бузбаган,
Чоң акын болчу билип ал.

Асанбай издеп ырларын,
Акындын ачты сырларын.
Бийикке сүрөп кадырын,
Көргөндөй болду жыргалын.

Көлгө окшоп толкуп ырдачу,
Көргөнүн айтып сындачу.
Эл коштоп турса кубанып,
Ырдаган сайын жыргачу.

Жезтаңдай акын Жеңижок,
Ырында бир да кеми жок.
Сыймыгы болду Аксынын,
Ырлары калды өзү жок.

Коломтосу калды үйүлүп,
Элибиз өчүрбөй турат сүйүнүп.
Аксыда акынга таазим кылабыз,
Көкүрөк бүгүп ийилип.

20.09.2012-жыл.



## ЧЫНАР ТЕРЕК.

Жанталашып жашоо үчүн күрөшүп,
Экөөбүздөн мезгил жылып өтүптүр.
Сени тиктеп, дайым кубат алгансыйм,
Бул тиктейт деп мени дайым күтүп жүр.

Чынар терек чырпыгынан сен өстүң,
Сен өссүн деп, чыркырадым күрөштүм.
Жарым кылым жашап койдуң көк терек,
Картайгандай көрүндүң го бир өтсөм.

Чынар терек чымырканып өсүп жүр,
Жаштыгыңдын жамалдары өчүптүр.
Өзгөрүлүп, карылыка баш ийбей,
Жаштык жака жаңыланып көчүп тур.

Чынар терек чырпыгынан сен өстүң,
Көлөкөңдө көрүп жүрүп мен өстүм.
Картайбай тур, мен өмүрдөн өткөнчө,
Алмаштырбайм арчасыңа белестин.

25.09.2012-жыл.

## КАРЫЛЫКТЫ КАЙГЫСЫ ЖОК СҮРӨГӨР.

Тагдыр мүмкүн тайгак жолго алып барар,
Жамандык бул, жакшылыктан жалтанар.
Өз атаңа төгалбасаң мээримиң,
Өксүктүгүн өмүр бою кайталар.

Карылыктын келген ордун билегөр,
Кадыр-баркын өз ордуна илегөр.
Жетелебей карылардын үйүнө,
Адам болсоң, кулагыңа түйөгөр.

Жаштык мезгил, жалындайтко сүйөгөр,
Улгайганды, укканыңда билегөр.
Уул-кыздын урмат, сыйы болбосо,
Карыларга качып өтпөй тийегөр.

Балдарыңа баш-көз болуп жүрөгөр,
Бул жашоодо жок силердин күнөөңөр.
Уул-кыздын урматына мас болуп,
Карылыкты кайгысы жок сүрөгөр.

01.10.2012-жыл.



## ЧАТКАЛ БАЯНЫ.

Гүлдөр жайнап, атыр жыты буркурап,
Чаткал чалкып, алга карай умтулат.
Алтын казып сол чөнтөккө салганда,
Чаткал байкуш солк деп коёт умсунат.

Чаткал чалкып, көз уялтып мөлтүрөйт,
Жазбайын дейм, алтын жерде көк тирейт.
Кыргыздарды кылымдарга багат деп,
Кудай элге ырыскысын бөлгөн дейт.

Чаткал чалкы, чамалай бер алдыга,
Келечегиң кем эместир алдыда.
Шүйкүм башка, шүдүңгүттөр жоголор,
Эл түшүнүп, өйдө карап калдыго.

Чаткал чалкы, чамалай бер алдыга,
Талоон заман талкаланып болдуго.
Үмүтүңдү үзбөй турчу Чаткалым,
Үшкүрүктүн үнү чыгып калды го.

05.10.2012-жыл.

## КАЙРАН КИШИ.

**(Н.И.Мешковго)**

Орус болчу кыргыз тилде сүйлөгөн,

Эмгектенсең, эркелеткен сыйлаган.

Иштебесең жалкоо болуп турмушта,

Жаза берип, эмгекти сен сүй деген.

Орус болчу иштеп келди кыйладан,

Кыргыз баары Николай деп сыйлаган.

Ынтымакты кармап турду отуз жыл,

Көзү өткөндө, элдин бары ыйлаган.

Орус болчу, кыргыз тилде сүйлөгөн,

Жалкоолорду жаман көрчү сүйбөгөн.

Кайран киши, калк алдында таза эле,

Чороңбайлар чокко салып ийлеген.

07.10.2012-жыл.



## ДЕПУТАТТАРГА КААЛОО.

**(Назаралиев атындагы кеңештин депутаттарына арнайм)**

Депутаттар түшүнгүлө заманды,

Айрыгыла жакшы менен жаманды.

Элиң менен журтуң турсун эсиңде,

Алга ташта, адаштырба кадамды.

Депутаттар түшүнгүлө заманды,

Арам жактан алгылачы кадамды.

Көкүрөктү, көөдөндөрдү тазалап,

Келгилечи оңдойлучу заманды.

Депутаттар түшүнгүлө заманды,

Жалтактабай алга ташта кадамды.

Абийириңи өз ордуна коюп жүр,

Эл-журт билет, жакшы менен жаманды.

Депутаттар түшүнгүлө заманды,

Чындык жака чыгара көр кадамды.

Бардыгыңа узун өмүр каалаймын,

Келгилечи жылдыралы заманды.

09.10.2012-жыл.

## КАЛБАЙ КАЛДЫ КАЛЫСТЫК.

Кадыр-баркты калчабагын үйүп жүр,
Калыстыкты кулагыңа түйүп жүр.
Адам сынат, көлөкөңү түшүрбө,
Акыл менен адамдарды сүйүп жүр.

Эл-жериңди эсте, сакта сүйүп жүр,
Жакшы-жаман жактарына күйүп жүр.
Турмуш өзү өйдө-төмөн өзгөрөт,
Калыстыкты карегиңе түйүп жүр.

Мезгил жылат, адамдыгың сакталат,
Калыстыгың кадыр эссе такталат.
Жаман сүйлөп, туңгуюкта отурсаң,
Ылай сенин пешенеңе чапталат.

Кимдин ою кандай экен сезип жүр,
Калыстыкты капарыңа илип жүр.
Качандыр бир чындык келет акыры,
Калыстыкты каймана эмес, билип жүр.

12.10.2012-жыл.



## КЫЗЫКПАЙМ ЖАМАН КӨРҮНҮШ.

Сай-сайга сайрап бөлүнүш,
Сагызган болуп көрүнүш.
Туруктуу боло албаган,
Бул азгырган жаман көрүнүш.

Жашоодо жаман бөлүнүш,
Жалтырап элге көрүнүш.
Жагдайды сүйлөп үстүртөн,
Сымаптай болуп төгүлүш.

Сырттандай болуп көрүнүш,
Мыйзамдан чыгыш көнүмүш.
Бийлике жетем деп жүрүп,
Бирткеден секин бөлүнүш.

Жашыруун эмес бөлүнүш,
Жакпаган ишке сүрүлүш.
Кыргызды бөлбө кыйналып,
Кызыкпайм жаман көрүнүш.

15.10.2012-жыл.

## ТОП ЖАРБАЙ КАЛЫП ӨКҮНӨМ.

Эстедим баарын четинен,
Эстеген менен кечигем.
Толкундай болуп шаркырап,
Топ жарбай калып өкүнөм.

Мезгилдер өттү тезинен,
Болжогон ойдон кечигем.
Мокогон окшойм акырын,
Топ жарбас болуп сезилем.

Оюмду айттым четинен,
Оолактап жүрүп кечигем.
Такалып калсам тайгака,
Тартышып коёр өтүнөм.

Жалындап жаштык кезинде,
Жалтактап жүрүп кечиккем.
Толгонуп өмүр өткөнчө,
Топ жарбай калып өкүнөм.

17.10.2012-жыл.



## ЖАРАЛГАМ, ЖАШАЙМ СЕН ҮЧҮН.

Тилегим, оюм эл үчүн,

Үмүтүң үзбө мен үчүн.

Булутту тозом калкалап,

Бурулбайм такыр сен үчүн.

Тилегим, оюм сен үчүн,

Келбеттүү кыргыз жер үчүн.

Чымынды ыра көрбөймүн,

Чырылдап консо жем үчүн.

Тилегим, оюм сен үчүн,

Теңирим берген жер үчүн.

Тепсетпейм элди, жеримди,

Жаралгам жашайм сен үчүн.

20.10.2012-жыл.

## ТООЛОРУМ МЕНИН ЖҮРӨГҮМ.

Тоолорум менин тирегим,
Тоолорду санап билемин.
Кыргызды сактап тургансыйт,
Тиктесем жылыйт жүрөгүм.

Тоолорум менин тирегим,
Түбүндө жашап билемин.
Жаштарды сактап тургансыйт,
Жалындап күйөт жүрөгүм.

Тоолорум менин тирегим,
Ток мээр болуп жүрөмүн.
Кыздарды сактап тургансыйт,
Кыймылдап жылыйт жүрөгүм.

Тоолорум менин тирегим,
Көркүңдү көрүп жүрөмүн.
Символу болуп кыргыздын,
Кыргыздын сакта түнөгүн.

23.10.2012-жыл.



## ТАЗАРЫШ КЕРЕК ЖҮРӨГҮ.

Сындаба секин бирөөнү,
Сыйрылып кетер жүрөгү.
Тазартып секин жүрөктү,
Өзүңдөн изде күнөөнү.

Кыргызды оңдойм дегендин,
Кыргыз жер болот түнөгү.
Уйгу-туйгу сүйлөбөй,
Тазарыш керек жүрөгү.

Кыргыздын бийик тиреги,
Тынч жашоо элдин тилеги.
Жалпы эле кыргыз баарынын,
Тазарыш керек жүрөгү.

Кыямат кылсак эл журтка,
Кечирбейт кудай күнөнү.

30.10.2012-жыл.

## КҮЗ КЕЛГЕНДЕ КУЛУҢДӨЙБҮЗ СҮЙҮНҮП.

Күз келгенде кулуңдөйбүз сүйүнүп,
Бышыкчылык кырман толот үйүлүп.
Парашуттай жерди карай салаңдап,
Жалбырактар кулап жатат күбүлүп.

Күз келгенде кулуңдөйбүз сүйүнүп,
Түшүм жыйнап, билектерди түрүнүп.
Элибиздин мээнетинен жаралган,
Токчулуктун мээри турат билинип.

Күз келгенде кулуңдөйбүз сүйүнүп,
Күтпөгүлө алга жылат сүрүлүп.
Күз келет деп күтүп жүргөн үмүттөр,
Тойго айлансын, жалпы журтка бурулуп.

Токчулуктун ток мээримин көргөндө,
Күз келди деп кулуңдөйбүз сүйүнүп.

05.11.2012-жыл.



## ОЙЛОНУП ТАРТКЫН ЧЫЛЫМДЫ.

Чылымды тартсаң чынында,

Чырайың кетет өңүңдөн.
Өпкөгө ышты чогултпай,

Үмүт кыл жашоо өмүрдөн.

Никатин басып денеңди,

Кутулбай калдың сен эми.

Кан жүргөн сенин денеңден,

Карманып сакта балаңды.

Бузбагын сакта сыныңды,

Булгабай жаша каныңды.

Эркиңе бекем тик туруп,

Ойлонуп тарткын чылымды.

07.11.2012-жыл.

## ЫЙМАНЫМ МЕНЕН КҮРӨШТҮМ.

Бир тобун аштым белестин,
Кызматта жүрүп мен өстүм.
Чындыктын чыйыр жолдорун,
Чыркырап жүрүп талаштым.

Бир тобун аштым күнөстүн,
Күймөнүп жүрүп мен өстүм.
Каймана бүткөн иштерге,
Кайгырып жүрүп күрөштүм.

Кыдырып жүрүп кыр аштым,
Кызылып жүрүп мен өстүм.
Кынтыктуу жаман иштерге,
Кыйналып жүрүп күрөштүм.

Уулу бол элдик күнөстүн,
Эпкиним тийип гүл өссүн.
Кудайды эстеп, кулуң деп,
Ыйманым менен күрөштүм.

09.01.2012-жыл.



## ӨМҮРГӨ КЕРЕК ТАЗАЛЫК.

Өмүргө керек тазалык,
Өзгөчө жагын жазалык.
Таптаза болсо бүт жагын,
Таптабай секин базалык.

Сууларың аксын тазарып,
Арыгын жакшы казалык.
Мүрөктүн суусун ичкенсип,
Элибиз, кылымдап турсун жашарып.

Таптаза жолдо басалык,
Чөйрөбүз турсун тазарып.
Өмүрдө жашайм десек биз,
Таза суу дайым таталык.

Өзгөчө маани берелик,
Өздөштүр анан көрөлүк.
Суйкайган сулуу кызга окшот,
Суктанып жүрүп өтөлүк.

Бүт жагың турсун тазарып,
Өмүргө керек тазалык.

11.11.2012-жыл.

## СЕЛКИМ ДЕП ЖҮРҮП КҮТҮП АЛ.

Баарысын түшүн сезип ал,

Бакыттын баасын жазып ал.

Жашоодо таап теңинди,

Бактылуу болуп күтүп ал.

Ойлогон ойлор түтүн ал,

Оюнду токтот бүтүп ал.

Жанында сиз деп турганды,

Жароокер кылып күтүп ал.

Сезимди толтур бүтүп ал,

Селким деп жүрүп күтүп ал.

Кармашып, колду койбербе,

Ырыскы берет бүгүн ал.

12.11.2012-жыл.



## ТИЛДИ СЫЙЛА.

Тилди сыйла, тилди сүйлө кыргызча,
Кылымдардан кошо жүрөт кыргызда.
Чала кыргыз чалып сүйлөп отурса,
Келечекте кыйын болот кыргызга.

Тилди сыйла, тилди сүйлө кыргызча,
Кереги бар, кесир кылба турмушта.
Аталардын ак мээнетин унутпай,
Тилди көтөр жашоо берет кыргызка.

Тилди сыйла, тилди сүйлө кыргызча,
Чанбагыла жеткирет тил жылдызка.
Башка тилге байыр алып отуруп,
Өз тилинди басып койбо турмушта.

Тилди сыйла, тилди сүйлө кыргызча,
Түбү бекем түнүлбөгүн турмушта.
Бир топ жылдар жок болбогон тилибиз,
Түбөлүккө тилди берген кыргызка.

15.11.2012-жыл.

## КАЛДЫҢ ОКШОЙТ ТҮБӨЛҮККӨ ЖАШЫНЫП.

**(Агам Кадыралынын элесине арнайм)**

Иштеп жүрдүң эсеп жакта батынып,
Чындык жагын шыр айтчусуң шашылып.
Сенин кылган иштериңдин баарысы,
Калгансыды караңгыда басылып.

Эрте кетип, бул дүйнөдөн сен кайтып,
Эмгегиңди дайым жүрөт эл айтып.
Табийгаттын мыйзамына баш ийип,
Арабыздан жылдың окшойт кош айтып.

Эстегенде катар ойлор басылып,
Эсиңдедир өткөн күндөр жазылып.
Түңүлгөндө эл-журтуңдан ажырап,
Калдың окшойт түбөлүккө жашынып.

19.11.2012-жыл.



## ЗАМАНДАР АЛГА ЖЫЛАР.

Сумсайып тургансыйтко өскөн чынар,
Кыргыздын кыйналганын сезген чыгар.
Жаштар жок, көлөкөңдө тура турган,
Жеттиңби? Жетериңе куурап чынар.

Шамалга жыгылгансыйт өскөн чынар,
Замандар оңолотко алга жылар.
Убакыт учурлары келип калар,
Абайлап ар күн сайын сени сылар.

Мезгилдин мээримдери ушундайдыр,
Жем таппай кайып учкан кушундайдыр.
Жашаганга жан күйдүрүп аракет кыл,
Кыргыздын келечеги бузулбайттыр.

Жалт карап тургансыйтко өскөн чынар,
Жашоонун жаман жагын көргөн чыгар.
Ыр болсо да сага арнап кубаттайын,
Үмүт үзбө, замандар алга жылар.

20.11.2012-жыл.

## СЕН ЖИГИТСИҢ.

**(Кыргыздын чек арачыларына)**

Сен жигитсиң чепти сакта асырап,
Калпыс иштер караңгыга жашынат.
Жүрөгүңдө мекен оту бар болсо,
Мээнеттериң эл-журтуңда жазылат.

Сен жигитсиң чепти сакта асырап,
Коргобосоң көрүң даяр казылат.
Болор-болбос тыйын үчүн сатылба,
Ыйманың бар, кайсыл жакка жашынат.

Сен жигитсиң чепти сакта асырап,
Бешенеңе кир жукпасын чачырап.
Бардыгына бекем туруп бербесең,
Айбандар көп, арт жагыңан асылат.

Сен жигитсиң чепти сакта асырап,
Бешенеңден нур төгүлсүн чачырап.
Эл журтуңдун ала бергин батасын,
Жакшылыгың жалпы журтка чачылат.

25.11.2012-жыл.



## ИБАРАТ.

**(Кара Молдо Орозовдун 130 жылдыгына арнайм)**

Карамолдо жазган күү,
Алыс жолду баскан күү.
Канча жылдар өтсө да,
Калк ичине баткан күү.

Самара эже черткенде,
Сайран куруп жаткан күү.
Ибарат деп укканда,
Жыргап таңың аткан күү.

Булут жиреп асманга,
Бүркүт сымал учкан күү.
Сайрап турса булбулдай,
Санап аны жаткан күү.

Дайра болуп, шаркырап,
Токтобостон аккан күү.
Толкундардын баарысын,
Топ жыйында ачкан күү.

Кайгы менен жыргалды,
Карамолдо черткен күү.

21.11.2012-жыл.

## БАК БЕРСИН КЫЗДЫН БААРЫНА.

Сүйүүнүн жетсин барына,
Кирбесин жолдун тарына.
Абийри бийик болгон соң,
Бак берсин кыздын баарына.

Чыдасын иштин баарына,
Тийбесин бийик арына.
Жолукпай аман жүрсө экен,
Турмуштун жаман зарына.

Теңдешет суунун шарына,
Сүйүнөт жашоо барына.
Энелик мээрим болгон соң,
Бак берсин кыздын баарына.

03.12.2012-жыл.



## УНУТКАМ АЛ ОЙЛОРУҢ АРТТА КАЛГАН.

Сезимде сезгеним бар, сенде калган,
Сезгенбей секин оюң айттың жалган.
Бороондой шуулдатып төгүп кирдин,
Унуткам ал ойлоруң артта калган.

Сезимде сезгеним бар, сенде калган,
Оозуңдан оңой чыгат отуз жалган.
Жоогазын гүл болсоң да тиктебеймин,
Унуткам жоругунду жолдо калган.

Сен менен жолугушкан менде арман,
Адам деп, жолукканы сага баргам.
Турмушта жаңылыштар болот тура,
Айтканга жарабайттыр артта калган.

07.12.2012-жыл.

## ЖАҢЫ ЖЫЛ ЖАЛПЫ ЖУРТТУ КОШТООР БЕКЕН.

Жаңы жылда жаңы тилек айтсак экен,
Обуш-кыйыш замандан өтсөк экен.
Ар үч айда өкмөттү алмаштырып,
Каргыштын калыңына батпаса экен.

Жаңы жылда жаркырап бассак экен,
Жашоодо жаңылышып кеттик бекен.
Кытайдын жаргычтарын албай коюп,
Тарсылдактан чоочубай жатсак экен.

Жаңы жылда жаңылануу башталса экен,
Жолукпаган обу жок иш ташталса экен.
Чындыктын чыйырына түшсөк эгер,
Кыргыз эл алга карай жылып кетер.

Жаңы жылды жаштык демде тоссок экен
Эстесем, толкундалып жыргап кетем.
Элимдин ынтымагын бириктирип,
Жаңы жыл жалпы журтту коштоор бекен.

30.12.2012-жыл.



## САЛТАНАТ КҮН.

Салтанат күнү кубанып,
Мандатты алып туралык.
Элдеги болгон көйгөйдү,
Аткарып элге суналык.

Салтанат күнгө кубанып,
Эл үчүн кызмат кылалык.
Өкмөттү жолго түшүрүп,
Өзгөчө жардам кылалык.

Салтанат күнү кубанып,
Саламат эсен туралык.
Максаттар болсо эл үчүн,
Эл жака көңүл буралык.

10.12.2012-жыл.

## КЫРГЫЗДАР ЭСТЕГИЛЕ! ОЙГОНО КӨР.

**(Улуу ойчул кыргыз элинин чыгаан уулу Ч.Айтматовго 85 жылдыгына карата)**

Чыңгыздын чыгармасын аалам билет,
Ал киши өткөн менен ойдо жүрөт.
Айкөлдүгүн айтканда түгөнбөстүр,
Кыргыздын кыялында түнөп жүрөт.

Чыңгыздын чыгармасын окуганда,
Чындыктын чыйырына алып кирет.
Сүйлөшүп отургансыйм Чыңгыз менен,
Ааламдын ак-карасын ачып берет.

Чыңгыздын кыргыздарга күйгөнүн көр,
Кыргызга ырыскыны үйгөнүн көр.
Өлгөн жок, Чыңгыз турат элди тиктеп,
Кыргыздар эстегиле! Ойгоно көр.

12.12.2012-жыл.



## КӨРҮП КОЙ МЕНИ АР ДАЙЫМ.

Убакыт чөйрө тар дейин,
Бейлебей жүрдүм анчейин.
Мекенди коргоп мен кетсем,
Күталбай койдуң кантейин.

Сүйгөнүң мүмкүн мен дейин,
Суна бер, колду бер дейин.
Элимди коргоп мен кетсем,
Эстебей койсоң кантейин.

Мекеним кыргыз жер дейин,
Убада сага бербейин.
Сүйө албайм деген оюмду,
Угалбай койсоң кантейин.

Жарыңды сүйүп сен жаша,
Жаныңа басып барбайын.
Көңүлүң бошоп кеткенде,
Көрүп кой мени ар дайым.

16.12.2012-жыл.

## ЖООМАРТТЫК КЫЛСАҢ ЖОЛ АЧЫК.

Жоомарттык кылсаң жол ачык,
Жолобой койбо, сен качып.
Жетимдер турса жер тиктеп,
Жетелеп койгун кол ачып.

Жоомарттык кылсаң жол ачык,
Кадырың турсун кыр ашып.
Байлыкты четке жөнөтпө,
Элиңдин жүзүн каратып.

Жоомарттык кылсаң жол ачык,
Жол менен жортуп баратып.
Жокторду таштап сен кетпе,
Жүрөктүн учун канатып.

Жоомарттык кылсаң жол ачык,
Дилиңди таза жаратып.
Кор дүйнө курчап калганго,
Сөзүңдөн байкайм баратып.

Болбогон шылтоо айтпастан,
Жоомарттык кылсаң жол ачык.

20.12.2012-жыл.



## ТИГИП КОЙДУМ АРЧАНЫ.

Тигип койдум арчаны,
Талап кылат анчаны.
Көлөкөсү бир күнү,
Эс алдырат канчаны.

Тигип койдум арчаны,
Өсүп турат ар шагы.
Өспөй булар токтосо,
Кандай болот ар жагы.

Көктөп жатат бүт шагы,
Аз калгансыйт күт дагы.
Өмүр кыска турбайбы,
Чарчатабы арт жагы.

Тилек айтып отуруп,
Тигип койдум арчаны.

24.12.2012-жыл.

## БИЛБЕЙМ ЖАШОО КАНЧА КАЛГАН ЭКЕНИН.

Жаш болгонсуйм, дагеле акыл кирбеген,
Көр турмуштун көп жерлерин билбеген.
Мезгилдердин мээнетине чырмалып,
Бул турмушту капарыма илбегем.

Бутту сунуп, бүктөгөндө сеземин,
Эмгек менен өткөн экен өзөгүм.
Аксакалды сыйлап жүрүп дайыма,
Алдым окшойт мен алардын кезегин.

Жылдар өтүп, жылып жүрүп акыры,
Алтымыш жаш, жетимиштин жакыны.
Карылыкты аттап өтө албайм го,
Бек кучактап белден алып жатыры.

Өмүрүмдүн өр тартканын билемин,
Эстей берем, эскеремин нечени.
Булут сымал көлөкөлөп тургансыйт,
Билбейм жашоо канча калган экенин.

26.12.2012-жыл.



## КӨРҮНҮП ЧЫГЫП КОЮҢДА.

Жакындап келдим үйүңө,
Жалпайган талдын түбүнө.
Белгимди берип чакырсам,
Бекинип алдың үйүңө.

Керимсел сокту акырын,
Үшүбөй чыдап отурум.
Үмүттөр турат үзүлбөй,
Уруксат болсо чакырың.

Жар табыш бардыр оюңда,
Жалтакташ жагын коюңда.
Сүйөм деп сени зордобойм,
Жаман иш болбойт оюмда.

Көңүлүң болсо күттүрбөй,
Көрүнүп чыгып коюң да.

28.12.2012-жыл.

## МАНЖАЛАРДЫ ТИКТЕП ТУРУП ОЙЛОНОМ.

Манжаларды тиктеп туруп ойлоном,
Кудай аны бирдей кылып койбогон,
Адамдагы сезимдердин баарысы,
Бирдей эмес, манжалардай орногон.

Манжаларды тиктеп туруп ойлоном,
Бир тиктесем туманга окшойт айланам.
Жакшы жагын жеңип бара жаткансыйт,
Жамандыктын белгилери кайрадан.

Манжаларды тиктеп туруп ойлоном,
Бирдей эмес, билип жүрөм айланам.
Жүрөктөгү, жүзүңдөгү сезимди,
Иштете көр, жакшылыка кайрадан.

Манжаларды тиктеп туруп ойлоном,
Кызматы бар кызматынан айланам.
Беш манжабыз ынтымака бириксе,
Тегиз болуп теңчилике байланам.

02.01.2013-жыл.



## ЖАКШЫЛЫКА ЖЫЛАЛЫЧЫ КЫР АШЫП.

Эрте туруп, ойлономун акырын,
Жакшылыка жетпей турат акылым.
Жамандыктар ок жаагандай тебелейт,
Жүрөк ооруп, мен кыйналып жатырым.

Кереметтин бардыгы бар түрүнөн,
Адаштыбы алга жылчу күнүнөн.
Кыргыз байкуш кыйын эле эл эле,
Азап тартып, кыйналгансыйт белинен.

Жакшылыка жетем дейбиз умтулуп,
Жамандыктар жакын турат кулпуруп.
Жакшылыка жардыбыз деп өкүнбөй,
Шалдайбагын шагың сынып отуруп.

Жамандыктын жышанына күрөшүп,
Журтубузду чыгаралы сүрөшүп.
Мындай кетсек, келечектер тар болор,
Жакшылыка жылалычы кыр ашып.

05.01.2013-жыл.

## ТИЛЕГИҢДИ ОҢДОСО.

Турмуш таттуу түбү бекем орносо,

Өмүр кызык, өксүктүгү болбосо.

Табийгаттын таймашына чыдасаң,

Кудайым бар, тилегиңди оңдосо.

Турмуш ширин, өмүр кыска болбосо,

Кара көөлөр, карегиңе толбосо.

Үмүт үзбөй, умтула бер өйдөлөп,

Кудай сени кур жагына бурбаса.

Жатып алба, жашоо үчүн күрөшкөнүң,

Жакшылыкча жолдору бар күрөштүн.

Тилегиңди оңдоп койсо кудайым,

Эр болосуң элин сүйгөн күнөстүн.

07.01.2013-жыл.



## КӨРСӨТӨЙҮН КӨРӨҢГӨНҮ ЭЛЧЕЛИК.

Токоюңу ак мөңгүнү карасам,
Сени жазып көпчүлүкө жарасам.
Сага деген сүйүүмдү элчилеп,
Кандай кылып эл ичине таратам.

Тоо ташыңды, сууларыңды сагынып,
Мекен деген атың бийик кагылып.
Бир тиктесем көңүл туюп тургансыйт,
Бейишке окшош төрү кенен ачылып.

Көрсөтөйүн көрөңгөнү элчелик,
Элдин баары сүйсө эгер менчелик.
Кадыр баркың жылмак эле алдыга,
Жок дегенде, агып өткөн селчелик.

Мекенимди даңктаганым канчалык,
Жазсам мүмкүн, жеткире албайм анчалык.
Жылуулукту сага деген сүйүүмдү,
Көрсөтөйүн көрөңгүмдү элчелик.

09.01.2013-жыл.

## КҮЙМӨНҮП ЖҮРГӨН ЧАЛГА ОКШОТ.

Жамалың жашыл бакка окшойт,
Тиктесем жүзүң сыр козгойт.
Жароокер жанып сен турсаң,
Жаман ой анда кирге окшойт.

Келбетиң бийик, карга окшойт,
Сүйлөсөң сөзүң ырга окшойт.
Сүйүүмдө бекем сен турсаң,
Сүйгөндөр сүртмө кирге окшойт.

Ортону бекем белге окшот,
Өмүрдү мейли желге окшот.
Жаңылсам турмуш ыгынан,
Сезимде калган сырга окшот.

Өзүңдү жаркырап тийген күнгө окшот,
Жашоону тыптынч түнгө окшот.
Күмөндүү ойлоп жүрбөстөн,
Мени күймөнүп жүргөн чалга окшот.

11.01.2013-жыл.



## КИМ КОЁР ЭКЕН ЖЕТЕЛЕП.

Бул турмуш мени жетелеп,
Тизмектүү ишке жетелек.
Жашоого шүгүр келтирем,
Атыма наалат кетелек.

Бул турмуш мени жетелеп,
Олуттуу ойду чечелек.
Жайынча жазып жүрсөм да,
Жакшы деп бирөө айта элек.

Бул турмуш мени жетелеп,
Билген жок эч ким сезелек.
Алтымыш жашка чыкканда,
Тушоомду эч ким кесе элек.

Жазманын ишин көтөрүп,
Кечмелик болсо өтөлүк.
Эл-жерди жаздым эскерип,
Мени ким коёр экен жетелеп.

13.01.2013-жыл.

## ДОСТОРУМДУН ГЕНЕРАЛЫ СИЛЕРБИ.

Аяштарым жылуу-жумшак сөзүңөр,
Досторума түшкөн экен көзүңөр.
Ар бириңе бакыт конуп башыңа,
Мага силер аяшсыңар өзүңөр.

Аяштарым айтып турат көзүңөр,
Достoруму сүйдүңөр го өзүңөр.
Достор менен бирге жашап дайыма,
Өмүр-жашты бир кылымга созуңар.

Аяштарым алтын деймин силерди,
Досторума бекем болсун сүйүүңөр.
Алтымышта жаңы ачылып гүлүңөр,
Бирге жүрүп, бийик чыксын үйүңөр.

Аяштарым алтын деймин силерди,
Күмүш десем кабагыңар түнөрдү.
Тиктесеңер көзүн албай турушат,
Досторумдун генералы силерби.

15.01.2013-жыл.



## ОЙЛОНБОЙ КАРАП ОЛТУРДУҢ.
**(Журналист А.Калбаевге)**

Тартып жүрөт, убаймасын элинин,
Кургаганын көргөн жокмун теринин.
Элди аралап, этегинен башына,
Атактуусун алып чыгып жеринин.

Абыкени сыйлап жүрөм устатым,
Насип болсо, келип-кетип түз татың.
Туюк жакта калып калсам кыйналып,
Туландуу жер чыгып калар кыштатың.

Абыкени сыйлап жүрөм устатым,
Кармадым мен, карандашты учтатың.
Буйдалып мен бурумдарда кыйналдым,
Бурумдардан буруп, өйдө узатың.

Жол жоргом бар, жолго чыгып салдырың,
Арам тердин азабы бар, алдырың.
Салбай калсам ышкаланып бултактап,
Мээнет кетет, анда мени калтырың.

Шакиртим болчу менин деп,
Көргөндө көңүл толтуруң.
Алдырак жактан көрүнсөм,
Ойлонбой карап олтуруң.

17.01.2013-жыл.

## СУУБУЗГА КӨЗҮ ТҮШҮП БАШКАНЫН.

Суубузга көзү түшүп башканын,
Көрбөйсүңбү көзүн албай жатканын.
Эгер болсо башкаларда ушул суу,
Көрөт элем суну сүрүп ачканын.

Суубузга көзү түшүп башканын,
Суу кордобо, сууну сыйлай баштагын.
Кудай берген ырыскыны саталбай,
Кур кыйкырык ызы-чууга батпагын.

Орус келип суу башына отуруп,
Көргүлөчү келишимди жазганын.
Эли-журту үчүн узак ойлоп дайыма,
Кыргыз жерден акча кенин ачканын.

Суубузга көзү түшүп башканын,
Суу кордобо сууну сыйлай баштагын.
Мезгил келет, күйгөн чыгар кыргызка,
Ага чейин ичип тургун ашканын.

19.01.2013-жыл.



## АЛТЫН БАЛЫК КАРМАП АЛСА КЫРГЫЗДАР.

Алтын балык кармап алса кыргыздар,
Жылат беле араң турган турмуштар.
Балыкты да кызмат сурап азгырып,
Башын сылап үйрөтөтко кыргыздар.

Алтын балык кармап алса кыргыздар,
Хан сарайды бир күндө эле тургуз дээр.
Жип ингизип, депутаттык мандат таап,
Биротоло хан сарайга киргиз дээр.

Алтын балык кармап алса кыргыздар,
Байлык ташта, мени бутка тургуз дээр.
Байлык берсең талап-тонop кетпесин,
Башка өлкөнүн банктарына тургуз дээр.

Алтын балык чыкпайт эми кыргыздар,
Балык күтүп, өтүп жатат турмуштар.
Балык чыкпайт, үмүтүңдү үзө бер,
Андан көрү иштейличи кыргыздар.

20.01.2013-жыл.

## АЙКӨЛ МАНАС.

Айкөл Манас кыргыз элди курадың,
Селдейгенсип сенек болгон убагым.
Сен көрсөткөн жолду коюп унутуп,
Кыргак жакта кулаганы турамын.

Айкөл Манас кыргыз элди курадың,
Ынтымакты эми кантип курамын.
Чет элдердин бары турат көз артып,
Көзү курсун, сен жок кантип бурамын.

Айкөл Манас кыргыз элди курадың,
Чекесинен чоң тартипти сурадың.
Сендей болуп, сурагандар жок окшойт,
Демократия жогото албайт уранын.

Айкөл Манас кыргыз элди курадың,
Сенин анда толуп-ташкан убагың.
Эми сенин рухуңа зар болуп,
Арбагыңан ынтымакты сурадым.

21.01.2013-жыл.



## КЫРГЫЗ ДАЯР, ЖЕРИН САКТАП ӨЛГӨНГӨ.

Кыргыз байкуш, кыйын кезди көргөнгө,
Көтөрүлбөйт, көп нерсени бөлгөндө.
Аралашпай калыс болуп туралбайт,
Чек араны чекесинен бөлгөндө.

Кыргыз байкуш, кыйын кезди көргөнгө,
Кыйын болбойт кыйла жерин бөлгөндө.
Намыс бийик, кол куушуп отурбайт,
Жетет алы, жерин сактап өлгөнгө.

Кыргыз байкуш, кыйын кезди көргөнгө,
Көзүн артпайт, башка жерди бөлгөндө.
Жерин берип, жерди карап отурбайт,
Кыргыз даяр, жерин сактап өлгөнгө.

Кыргыз байкуш, кыйын кезди көргөнгө,
Макул кыргыз, оолак-калыс бөлгөнгө.
Калпыс болсо, карап чыдап отурбайт,
Коңшусунун коподдугун көргөндө.

22.01.2013-жыл.

## ЖЕРИҢ ДАГЫ ЖЕКСЕН БОЛОТ АКЫРЫН.

Асыл жерим, арзың кантип угайын,
Сен сооронч мен тынч алып турайын.
Сени көрүп, жүдөп араң мен турам,
Сени күт деп дыйкандардан сурайын.

Кой тикенге бастырбайлы жулалы,
Жер көтөрөт, жерди сактап туралы.
Суу койгондо кыртыштарын агызбай,
Жер кыйналды жерге колду суналы.

Жер кыйналды жерге көңүл буралы,
Жерди сактап жетишкенди кылалы.
Эгер кудай о дүйнөгө жол берсе,
Көргө кирип, бутту кенен суналы.

Дыйкандарым жерди сыйла жакынын.
Көргөнүмү кейип жазып жатырым.
Ур токмокко ала берсең ар жылы,
Жериң дагы жексен болот акырын.

23.01.2013-жыл.



## ЖАШООНУ ЖАМАН ЖОЛДО ӨТКӨРБӨГҮН.

Жашоодо жагдайлардын өзгөргөнүн,
Жалтактап жаман жака өзгөрбөгүн.
Ниетиңде элге деген таза ойду,
Эстебей экиленип өткөрбөгүн.

Жашоодо жагдайлардын өзгөргөнүн,
Жашоонду жамандыкты көп көрбөгүн.
Байлыкты өзүнөн да жакшы көрүп,
Баёо болуп, турмушту өткөрбөгүн.

Жашоодо жагдайлардын өзгөргөнүн,
Жамандыкты өзүнө алып, эп көрбөгүн.
Бир сомдук үлүш кошсоң эл журтуңа,
Кыйытып, кыйраттым деп өзгөрбөгүн.

Жашоодо жагдайлардын өзгөргөнүн,
Адамдар ар кыл болот көп көргөнмүн.
Жакшысын жандай жүрүң жыла бергин,
Жашоону жаман жолдо өткөрбөгүн.

24.01.2013-жыл.

## ЖҮРӨККӨ ЖАКШЫ ЖЕРИН ТҮНӨТӨ БЕР.

Бурулба бурумдардан түз өтө бер,
Алды-артыңды карап дайым күзөтө бер.
Кашкайган чындык менен тазалыкты,
Жүрөкө жүк кылбастан түнөтө бер.

Булганба бурумдардан түз өтө бер,
Жамандыкты жактырбай жүдөтөгөр.
Акыл менен адашпай алга жылып,
Жүрөкө жакшылыкты түнөтө бер.

Булганба бурумдардан түз өтө бер,
Жакшы жака жармашып, жүзөтө бер.
Мезгилдер тез айланып өтө берет,
Карап туруп, келечекти күзөтө бер.

Турмушта ар кыл иштер болуп кетет,
Жүрөкө жакшы жерин түнөтө бер.

25.01.2013-жыл.



## КАРАШТЫР ОЙЛОНУШУП ОШОЛ ЖАГЫН.
### (Досум Шырдаков Анаркулга)

Бирге иштеп, бир учурда бирге жүрдүк,
Мезгилдин мээнеттерин кошо сүрдүк.
Жакшылык болуп калса элибизде,
Эл менен чогу жүрүп, кошо күлдүк.

Мезгилдер улам өтүп утурлады,
Экөөбүздөн эл-журтубуз утулбады.
Элге деп эриш-аркак жүрдүк окшойт,
Чокойлор жыртылды го бутумдагы.

Кадыр сиңген, калыс доссуң сырды билген,
Сендей дос чыкпайт мүмкүн биздин элден.
Кызматта кыйла жерди басып өттүң,
Кудайым ырыскыны бөлүп кеткен.

Мен байкуш сени сүрөп, сен деп жүргөм,
Сезбедиң сезимдерим жүдөп турган.
Калч уруп, караламан иштесем да,
Бул заманда кайтарымы кайтпай турган.

Сага эми каалаганым узун өмүр,
Бошошуп бурулбагын турат көңүл.
Мага окшоп, ызаланып чокой жыртпай,
Караштыр ойлонушуп ошол жагын.

26.01.2013-жыл.

## АК-СУУДА ЖАЗЧУ ЖЕРЛЕР КӨП.

Ак-Терек менен Төө-Жардын,
Ортосу жакын жөө бассаң.
Аттары калар жаңырып,
Алты сөз айтып ыр жазсам.

Тилеке менен Төш-Башат,
Бул жерде өчпөс сыр жатат.
Төш-Башат жакта кыш болсо,
Тилеке жакта жаз шашат.

Казты айтсам жайык жер болот,
Иштетсе ага бак конот.
Буудайды эксең дың жерге,
Кампага батпай дан толот.

Ак-Сууда экпей таштаса,
Алардын ээси ким болот.
Үмүтүн үзүп жер байкуш,
Кыймылсыз жаткан дың болот.

27.01.2013-жыл.



## АТЫҢ УЛУК АК ХАЛАТЧАН ВРАЧТАР.

Атың улук ак халатчан врачтар,
Аны элиң эмгегиңен ырастар.
Өмүр сакчы силерге эле берилген,
Калып калган, каймана айткан талаштар.

Атың улук ак халатчан врачтар,
Теңсинбеген тескери ойлор жарашпар.
Тазалыкты, сылыктыкты туу тутуп,
Элди тиктеп, оңолсо экен караштар.

Канча айтсак да арзый берет өзүңө,
Атың улук ак халатчан врачтар.

28.01.2013-жыл.

## КӨП ЖЫЛДАРДАН КӨРӨҢГҮСҮ ТАПТАЗА.

Кыздар-кыздар кыйынсыңар түрдөнүп,
Сулуулугуң жоогазындай бүрдөнүп.
Жигиттерди жетелейсиң жөн эле,
Жаңы кармап, тайга окшотуп үйрөтүп.

Кыздар-кыздар кыйынсыңар түрдөнүп,
Жигиттердин көбү жетпейт сүрдөнүп.
Көңүл болсо кол булгалап койгула,
Жигиттер бул жүрө берет күймөнүп.

Кыздар-кыздар кылыгыңар башкача,
Билинбейтко сырын издеп таппаса.
Намыс бийик, нарк-нускаңы сактай бил,
Жолугасың жолуң ачып баштаса.

Кыздар кыйын бийик ишти аттаса,
Өз кадырын начарлатып сатпаса.
Ойлонушар ойду бөлүп отуруп,
Көп жылдардан көрөңгүсү таптаза.

29.01.2013-жыл.



## АК БУУРАМ.

Шаркырап аккан Акбуурам,
Сени эстеп бүгүн мен турам.
Жээгиңе барып отуруп,
Желдеттей болуп булкунам.

Аярлап аккан Акбуурам,
Акканың тиктеп мен турам.
Жол улап, агып сен турсаң,
Жоогазын гүлдөй кулпунам.

Тынымсыз аккан Акбуурам,
Тыйылба сени деп турам.
Ошумдун көркү өзүңсүң,
Сени кудайдан тилеп олтурам.

Оргуштап аккан Акбуурам,
Ойлонуп карап мен турам.
Канча акын жазса аз сага,
Мен дагы жазып калтырам.
Ошумдун көркүн сен ачып,
Күзгүсү болчу Акбуурам.

30.01.2013-жыл.

## МЕЗГИЛДЕР.

Мезгилдер жылып айланып,
Бир жылга баары байланып.
Теңдешип бөлүп алгансыйт,
Тегерек болуп айланып.

Кыш келсе аяз аппак кар,
Мол болот суулар үмүт бар.
Канчалык ызгар болсо да,
Олуттуу айтчу оорду бар.

Көктөмдү баштап көтөрүп,
Жазды да жазып өтөлүк.
Жазга окшош жарык нур берсе,
Жакшылык жака көчөлүк.

Жайды да жайлап өтөлүк,
Жалпы элдин жүгүн көтөрүп.
Жайында болчу ысыктай,
Ынтымак отун кечелик.

Экkенди алып күзүндө,
Аракет кылып түшүмгө.
Кырмандын баарын көтөрүп,
Элимдин кызылы турат жүзүндө.

Мезгилдер тып-тынч өтсө эле,
Элимдин калат эсинде.

02.02.2013-жыл.



## ЭЛДИ СҮЙГӨН, ЭЛ ДЕП КҮЙГӨН БЕЙШЕКЕ.
**(Чыгаан журналист, кыргыздын белдүү жигити Бейшенбек Бекешовго)**

Бейшекенин белдүү сөздү айтканын,
Көңүл бурбай, бекер кылып жатпагын.
Кеп түбүндө чоң бузулгус нарк жатат,
Турмушуңа кабыл алып актагын.

Бейшекенин унутканды ачканын,
Чогулткула чоркок болуп чачпагын.
Жоң жол жака багыт алып баса бер,
Түйшүгүнөн түнүлбөгүн качпагын.

Бейшекенин белс ашып жатканын,
Байка элим багыт алып аттагын.
Кыргыз наркы кыялыңда болсо эгер,
Кыймылдагын, кыр аша бер жатпагын.

Бейшекенин күйүп-бышып жатканы,
Каптап турат, батыш жактын аптабы.
Наркы турса очорулуп отурат.
Таң караңгы, жаштар жакка атканы.

Сүйөт элди жүрөгүнөн берилип,
Тике тийип, сөз калбады терилип.
Кан жүгүртөр тамырына кыргыздын,
Басып кетер алга карай теминип.

Мен дайыма сизди колдоп отурам,
Эл да колдор, эрки болсо ачылып.

04.02.2013-жыл.

## КЫРГЫЗСТАН МЕНИН МЕКЕНИМ.

Кыргызстан менин Мекеним,
Ойлоп туруп, жыргап кетемин.
Тоодон кулап мөлтүр булактар,
Дайра болуп улайт этегин.

Кыргызстан менин Мекеним,
Арча-токой аңкыйт сеземин.
Арасында аркар кулжаны,
Санап көрсөң жетпейт эсебиң.

Кыргызстан менин Мекеним,
Кенге байбыз, санап кетемин.
Алтындарды алсак коротпой,
Жылдыратко иштин нечени.

Кыргызстан менин Мекеним,
Колдору да түзөт өзөгүн.
Көл үстүндө учса ак чардак,
Кумарланып уктап кетемин.

Бейиш сымал турган өлкөмдө,
Беймарал мен жашап өтөмүн.
Кылымдардан кыргыз мекендейт,
Уулдарың улайт этегин.

Кыргызстан менин Мекеним,
Кубангандан жазып жатамын.
Жүрөгүмдө сүйүү турганда,
Мекенимди сактап өтөмүн.

06.02.2013-жыл



## ЧЫДАЙЛЫЧЫ ЧЫМЫРКАНЫП БААРЫНА.

Туш тарабын кыбыла деп сезишип,
Эл байкуштун ырыскысын кесишип.
Бектерибиз кайсы күнү оңолот,
Элди жыйнап, жүрүшөтко сүрүшүп.

Колду сунуп, эки жака тең коюп,
Жүрөт алар ууртунан жылмайып.
Кыргыз баары кырылса да иши жок,
Байлык үчүн жүрүшөбү тор жайып.

Оңолсо экен, элди карап уялып,
Белги жаман бек сактанып туралык.
Чындык чыкпай, чырылдайтко түбүндө,
Чын пейилден чындык издеп куралык.

Оңолсо экен бектерибиз уялып,
Качандыр бир калат алар суралып.
Үмүт үзбөй чындык күтүп баарыбыз,
Калпыс ишти кайрып артка сүрөлүк.

Кайрат менен алп урушсак дайыма,
Бектер мүмкүн түшүп калар жолуна.
Мунун бары убактылуу көрүнүш,
Чыдайлычы чымыркап баарына.

08.02.2013-жыл.

## СЕЗИМДЕ КАЛГАН ОЙЛОРУМ.

Сезимде калган ойлорум,
Сезимдин баарын ойлодум.
Кыдыра берип ааламды,
Кыпындай бурчун койбодум.

Кыргызды карайм кылчайып,
Жүрөкө терең сыр салып.
Өнүкпөй артка баратса,
Өзгөрөм өксүп тынч алып.

Жакшы сөз уксам кубанам,
Кыргыз деп дайым туралам.
Чырагы өчпөй турса деп,
Чыркырап дайым суранам.

Көй-көйүн уксам көбүрөк,
Көңүлүм түшүп төгүлөт.
Сезимде калган ойлорум,
Сенектей болуп көрүнөт.

10.02.2013-жыл.



## АБСАМАТ ИСКАК БОЛГОНДО.

**(А. Масалиевдин 80 жылдыгына)**

Абсамат Искак болгондо,
Камалбайт элек коргонго.
Заводтор иштеп күч алмак,
Алардын деми турганда.

Чындыктын жолун курушмак,
Чын пейил менен турушмак.
Байлыктын баарын талатпай,
Пайдалуу жака бурушмак.

Элине белек сунушмак,
Элим деп бекем турушмак.
Алтынды салбай чөнтөкө,
Абайлап завод курушмак.

Эл өссүн демек тырышмак,
Эпкиндүү ишти кылышмак.
Тартипти кармап дайыма,
Даңгыр жол менен жылышмак.

Ынтымак үчүн турушмак,
Ырыскы элге сунушмак.
Түндүк-түштүк дебестен,
Түпкүлүк жака бурушмак.

22.02.2013-жыл.

## АША БЕР СЕН ДА КЫРЛАРЫН.

Арзыбек жазган обондор,
Арзуусу бийик заман бар.
Обондо сырдуу кайрык бар,
Ырдашып жүрөт адамдар.

Кубулжуп чыгат ырларың,
Кубанып элиң ырдасын.
Кадырың ылдый түшүрүп,
Каймана жака бурбасын.

Кадырың ашып эл күтүп,
Ырында сүйүү бир бүтүп.
Кытайда кыргыз кызына,
Арнадың сүйүү сен күйүп.

Сездиңго обон сырларын,
Көрө бер обон жыргалын.
Рыспай болсо бийик чоку,
Аша бер сен да кырларын.

25.02.2013-жыл.



## ТҮБҮНДӨ НАМЫС ЖАТКАНЫН.

Күткөнсүйм айдын жарыгын,
Тилегин берер баарынын.
Акылды толо иштетпей,
Жоготтук окшойт жарымын.

Күткөнсүйм таңдын атканын,
Күүгүмдөп күндүн батканын.
Өмүрлөр күтүп токтобой,
Шамалдай шашып жатканын.

Мекенчил болбой элибиз,
Мээримсиз болуп жатканын.
Жүрөккө тийген ок болор,
Жосунсуз жорук ачканың.

Күткөнсүйм үмүт аптабын,
Же жапканбы кудай капкагын.
Түңүлбөйм тиктейм кыргызды,
Түбүндө намыс жатканын.

27.02.2013-жыл.

## КЕЧИРГИЛЕ ОКУРМАН.

Мен оюмду таңуулагандан алысмын. Эл арасында жүргөндүктөн, эл ичинде ар кандай турмуштагы окуяларга туш болот экенсиң. Бири кейип, экинчиси сүйүнүп, үчүнчүсү ызаланып, сүйүүсүнө жетпей, өкүнгөн учурларын айтып калышат. Жазмачы болгон соң баарын жүрөкө жакын алып, ошондой мүдөөлөрдү өзүң аткарып койгондой жазат экенсиң. Турмуштун айлампасы кысык. Баарын жазыш үчүн чоң кудурет, бакубат көрөңгү, такшалган талант керек болот тура. Мен кечиксем да эми жазып жаткандыктан мүчүлүштөр, иретсиз сөз байлык, маданиятсыз айтылыштар жазылып калышы мүмкүн. Ошондуктан окурмандардан кечирим сурап кетем. Жалпылап айтканда ырлар элдин, мекендин көйгөйүн, жакшылыгына күбө болуу менен чоң үмүт менен элибиз жакшы жашап, бакубат өмүр сүрүп жаштар сүйүүсүнө жетип, бактылуу эл болуп, түндүгүбүздөн түтүн булап, очогубуздан коломто өчпөй ынтымак берип баарыбыз мекен үчүн күйүп-жанып, мекенди, элди сактаганды билип, намысты бийик көтөрүп, кыргыз экенибизди унутпай жүрөлү. Дагы бир жолу кечиргиле окурман.



## МАЗМУНУ


Алгы сөз........................................................................1
Чындык жака чыйыр жолду ким салат.....................................4
Чындыка кайтып келбесе...................................................5
Чын пейилден чыйырга түш чыйралып.....................................6
Биле жүргүн, канча экенин салмагың.....................................7
Арбагың сыйлайм апакем...................................................8
Ынтымакка чакырайын баарысын...........................................9
Үмүт кылып түнүлдү окшойт адамдар.....................................10
Комуз сайрайт, кыргыз элдин тарыхын....................................11
Кыргыз эми жүрсүн сыйды алып............................................12
Миң жылдарга сактайлы.....................................................13
Таш жааган жокпу сен жака.................................................14
Айлансаң causes азды аксыдан................................................15
Саржайык.......................................................................18
Сезбей жүргөн сезимдерге таарынам.......................................19
Жок болсо да, бардай жашап өтөйүн........................................20
Ачылганы багыңдын...........................................................21
Чай куюп берип алып жүр...................................................22
Адамда өчү барга окшоп.....................................................23
Кыргыздын кызгалдактары....................................................24
Эркине кубат кошотур........................................................27
Алдыда копол күн турат......................................................28
Жийде жыты....................................................................29
Жамгыр..........................................................................30
Ыр болуп жүрсүн жазылып....................................................31
Аттиң деп кеттим өкүнүп.....................................................32
Көңүлүң сенин өзүңдө.........................................................33
Сагынып издейм өзүңдү.......................................................34
Кыргыздын кыйбас тиреги....................................................35
Түгөнбөгөн түптүү ГЭСти аркалап..........................................36
Достуктун сыры бийикте......................................................37
Тушоом эми кесилмек.........................................................38
Көздөрүң жагат карагат.......................................................39
Дагы эле жүрөт сезимде......................................................40
Көрсөткүн иштеп турмушта...................................................41
Үмүттөр өчпөй калса экен....................................................42
Бозбу тоо болуп сезилген....................................................43

Өзгү болгун кыргыздын……………………………….45
Билбейм сенин кургабайт ко тезегиң...............................46
Акыл менен жакындаш……………………………….47
Жагып албайт көргө кирип шам чырак……………….48
Жолукпайм сага, күтпө сен……………………………..49
Шаркыратма………………………………………….50
Сыйлап кой ошол бир кызың.........................................51
Баягыдай колду кармашкын……………………………..52
Бизди дагы чоңдор көрөр акырын……………………..53
Дил жагы калыптыр сакталып…………………………54
Депутат болуп шайланат………………………………55
Бөлбөсүн кудай арасын…………………………………56
Бир жөлөп коём сени мен……………………………….57
Муздаган суук жүрөкө…………………………………58
Жакындап келчи бери жака…………………………….59
Бакта отуруп, балалыгым элестейт……………………60
Мекенди эстеп эзилем…………………………………61
Гүл бактан берген гүлдесте……………………………62
Сен оң көзүң менен карасаң.........................................63
Баарын көр…………………………………………….64
Кыргыз менен кошо жүрсүн күнөстөп……………….65
Кош данек жештик экөөбүз……………………………70
Сөз чыкпайт менден башкача………………………….71
Таш болуп каты бүт денем……………………………72
Чоңойсун балдар кыргыз деп…………………………73
Мезгилдердин көрсөткөнүн караса…………………..74
Бозбу тоо сени сагынып……………………………….75
Капчыгай………………………………………………76
Баañ түшүп, пахта байкуш жок болдуң………………77
Түнүлбөй турган витамин……………………………..78
Сырдашкым келет сен менен………………………….79
Өчпөгөн үмүт уланат…………………………………..80
Өмүрдөн калган из……………………………………..81
Болбоюн андай жаңылып………………………………82
Кандай жигит кармап кетти колуңдан………………..83
Жети-Өгүз……………………………………………..84
Ысык-Көл……………………………………………….85
Григоровский капчыгай………………………………86



Чок-тал………………………………………………….87
Сулайман тоо…………………………………………….88
Келдишти айтсаң баарын айт…………………………89
Суусамыр……………………………………………….90
Кыргызды мынча неге сүйбөдүңөр…………………..91
Азабы бүтпөйт элимдин……………………………….92
Адам болуп өсөгөр……………………………………..93
Азгырбай мени жүргүн деп……………………………94
Табылса экен дарысы…………………………………..95
Кирбечи түшкө кечинде……………………………….96
Булуттай өттү өзгөрүп…………………………………97
Бекемирек сүйөгөр……………………………………..98
Жеңижок акынга таазим……………………………….99
Чынар терек…………………………………………….101
Карылыкты кайгысы жок сүрөгөр……………………102
Чаткал баяны……………………………………………103
Кайран киши……………………………………………104
Депутаттарга каалоо…………………………………..105
Калбай калды калыстык………………………………106
Кызыкпайм жаман көрүнүш…………………………..107
Топ жарбай калып өкүнөм……………………………108
Жаралгам, жашайм сен үчүн………………………….109
Тоолорум менин жүрөгүм…………………………….110
Тазарыш керек жүрөгү………………………………..111
Күз келгенде күлүңдөйбүз сүйүнүп…………………112
Ойлонуп тарткын чылымды…………………………..113
Ыйманым менен күрөштүм…………………………..114
Өмүргө керек тазалык…………………………………115
Селким деп жүрүп күтүп ал…………………………..116
Тилди сыйла……………………………………………117
Калдың окшойт түбөлүккө жашынып………………..118
Замандар алга жылар………………………………….119
Сен жигитсиң...............................................................120
Ибарат……………………………………………………121
Бак берсин кыздын баарына…………………………122
Унуткам ал ойлоруң артта калган……………………123
Жаңы жыл жалпы журтту коштоор бекен…………..124
Салтанат күн……………………………………………125

Кыргыздар эстегиле! Ойгоно көр……………………………126
Көрүп кой мени ар дайым………………………………………127
Жоомарттык кылсаң жол ачык…………………………………128
Тигип койдум арчаны…………………………………………129
Билбейм жашоо канча калган экенин…………………………130
Көрүнүп чыгып коюнда…………………………………………131
Манжаларды тиктеп туруп ойлоном…………………………132
Жакшылыка жылалычы кыр ашып……………………………133
Тилегиңди ондосо………………………………………………134
Көрсөтөйүн көрөңгөнү элчелик………………………………135
Куймөнүп жүргөн чалга окшот…………………………………136
Ким коёр экен жетелеп…………………………………………137
Досторумдун генералы силерби………………………………138
Ойлонбой карап олтурдуң……………………………………139
Суубузга көзү түшүп башканын………………………………140
Алтын балык кармап алса кыргыздар…………………………141
Айкөл Манас……………………………………………………142
Кыргыз даяр, жерин сактап өлгөнгө…………………………143
Жериң дагы жексен болот акырын……………………………144
Жашоону жаман жолдо өткөрбөгүн……………………………145
Жүрөккө жакшы жерин түнөтө бер……………………………146
Караштыр ойлонушуп ошол жагын……………………………147
Ак-Сууда жазчу жерлер көп……………………………………148
Атың улук ак халатчан врачтар………………………………149
Көп жылдардан көрөңгүсү таптаза……………………………150
Ак буурам………………………………………………………151
Мезгилдер………………………………………………………152
Элди сүйгөн, эл деп күйгөн бейшеке…………………………153
Кыргызстан менин мекеним……………………………………154
Чыдайлычы чымырканып баарына……………………………155
Сезимде калган ойлорум………………………………………156
Абсамат искак болгондо………………………………………157
Аша бер сен да кырларын………………………………………158
Түбүндө намыс жатканын………………………………………159



Көркөм-адабий басылма

**Момунов Баялы**

**Чындыкка карай чыйыр...**

Ырлар

Бишкек, «Турар» басмасы

Кыргыз тилинде

Көркөмдөгөн Шерипбаев Кадырбек
Компьютерде калыпка салган Шерипбаев Кадырбек

Басууга 18.07.2013-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 10,5 б.т. Заказ № 1093. Нускасы 500.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., Горький к., 1.

120 c



0552 066 050

BranD